Бекитемин

Д.Бейшенов билим берүү орто

Мектебинин директору

_________ Дуйшембиева Т.Б

Д.Бейшенов жалпы орто билим берүү мектебинин окуучуларынын билим, билгичтигин, шыгын балоо системасы, билим сапатын текшерүү жөнүндө жобосу.

**1.Жалпы жобо.**

1.1 Ушул жобо Кыргыз Республикасынын «Билим берүү» мыйзамына ылайык, Д.Бейшенов жалпы орто билим берүү мектебинин уставынын негизинде иштелип чыкты.

1.2 Жобо мектептин педогогикалык кенешинде бекитилет. Педогогикалык кеңеш өзүнүн кошумчаларын жана өзгөртүүлөрүн киргизе алат.

1.3 Жобо окуучулардын жетишкендиктерин юаалоого талаптарды, ортоңку жана жылдык текшерүүнүн мезгилин аныктайт.

1.4 Жобо мугалимдерге жана окуучуларга милдеттүү түрдө керек.

1.5 Жободо төмөнкү аныктоолор пайдаланылган.

Баа- бул балоо процессинин жыйынтыгы, окуучулардын жетишкендиктерин сан жана билим менен көрсөтүү.

Окуудагы жетишкендиктерди балоо-планда көрсөтүлгөн максаттардын реалдуу жетишкен жыйынтыктарга төп келүүнүн деңгээли.

Жетишүүнүн кезектеги, күндөлүк текшерүүсү-бул окуучулардын үзгүлтүксүз билимин текшерүү, окуу программасына жараша мугалим аркылуу күнүмдүк сабактарда өткөрүүчү текшерүү, мезгил-мезгили менен окуучуларды текшерүү.

Тема же бөлүмдү бүткөндөн кийин окуучулардын окуу материалынын кабыл алуусунун деңгээлин аныктоо.

Илимдердин баштапкы текшерүүсү- жаны окуу жылынын башында өткөн окуу жылындагы окуучулардын билиминин эсинде калуусун текшерүү.

Жарым жылдык текшерүү- жарым жылдагы окуучулардын билим деңгээлин текшерүү;

Бир жылдык текшерүү- мамлекеттик стандартка ылайык бир жыл ичинде 1-2 окуу дисциплинасы боюнча окуучунун жетишкендиктерин, кабыл алуусун текшерүү.

**Жободогу баалоо системасын иштеп чыгуунун максаттары:**

2.1.Максаты: бааларды коюга жана балоого бирдиктүү талаптарды коюу менен бирдикте билим берүүнүн сапатын көтөрүү.

2.2. Милдеттери.

-базистик окуу планынын бөлүгү боюнча окулган предметтердин деңгээли,мамлекттик стандарттын талаптарына туура келүүсү.

-айрым предметтер боюнча окуу программаларынын жана календардык пландардын аткарылышын текшерүү;

-окуучулар менен жекеме жекече билим берүү жолун тандоого өзүн-өзү балоо, шыгын артыруу.

**Баалоо системасынын негизги бөлүктөрү.**

3.1.Баалоо- бул алган жыйынтык менен пландалган максаттардын дал келүү процесси.баалоо системасы окуучунун кабыл алуу деңгээлин,өсүүсүн көрсөтүшү керек.Окуучу өзүн-өзү баалоодо колдоо, мактоо,өнүгүү механизими иштелиши керек.Окуучу-мугалим деген байланыш баалоонун негизи.

3.2.Мектептеги баалоонун максаты:

1.Билим берүү ишмердүүлүгүнө диагнос жүргүзүү;

2.Баа-бул ата-эне,окуучу, мугалимди бири-бирине байлаган звено.

3.3.Мектепте баа коюнун принциптери:

1.Объективдүүлүк жана калыс,адилеттүүлүк окуучулардын билимин баалоо үчүн бирдиктүү критерийлери.

2.Окуучуларды жеке жана жаш курагына жараша баалоо.

3.Ачык айтуу- бул окуучулардын жетишкендиктери жөнүндө маалыматтын жеткиликтүүлүгү, анализ жүргүзүү жана ошого жараша жыйынтык чыгаруу.

**Баа коюнун критерийлери.**

3.4. 1. Баалоонун критерийлери- билимдин деңгээлин аныктоонун негизи болуп эсептелет.

-толук жана туура-бул туура жооп;

-туура ,бирок толук эмес жооп;

-туура эмес жооп;

-жооп жок;

2.Баа коёрдо каталардын саны жана түрү эске алынат:

-орой каталар

-окшош каталар:

-орой эмес каталар:

3.5.Баалоо шкаласы.

1. «5»-эң жакшы,

«4»-жакшы,

«3»-канааттандырарлык,

«2»- канааттандыралык эмес.

2. «5» деген бааны окуучу жазуу,оозеки,практикалык ишти толук көлөмдө,окуу

программасына ылайык аткарса,90-100% айтып берсе,эрежелерди пайдалана алса,аныктап бере алса,практика жүзүндө көрсөтүп бере алса,өзүнүн оюн ачык үзбөй текст түзүп жеткире алса,эгерде 1ката жетишпегендик болсо уруксат.

3. «4» деген бааны окуучу жазуу,оозеки,практикалык иштеринин жыйынтыктары 70-90% аткарылса,туура,бирок толук эмес жооп берсе;

4. «3»дегн бааны окуучу окуу программасынын талаптарына жооп бересе негизи менен,бирок бир нече орой каталар кетирилсе 50-70% толук эмес бирок туура жооп берсе. Жообу терең эмес,мисал келтире албайт,өзүнүн оюн терең айтып бере албайт.

5. «2»деген бааны окуучу олутту жана орой каталарды кетирсе,билим деңгээлди 20-5-% түзөт.

3.6.Билимдерин баалоо баа коюу менен баалар бөлүнөт.

1.1-2-кластын окуучулары калыптандыруучу баалар менен бааланат.

2.Күнүмдүк баа күндөлүк ,журнадарга 3-11-класстарга сабак өтүү учурунда коюлат.

3. Чейректик: журналга ,күндөлүккө бир чейректе бир коюлат.Бул чейректин ичинде алган баалардын жыйынтыгы;

4. Жылдык- чейректин бааларынын жыйынтыгы.

**4. Текшерүүнү формалары.**

4.1 Киришүү контролу, күнүмдүк ,убакыт менен, жарым жылдык жана жылдык,жыйынтыктоо аттестациясы.

4.2 Окуу программасына ылайык окуучулардын билимин бир окуу жылынын ичинде мугалим аркылуу күнүмдүк текшерүү жүргүзүлөт.

4.3.Медициналык справка боюнча дене тарбия сабагынан бошотулгандар « бошотулган» деген жазуу болуш керек.Бул окуучуларга теория боюнча билимин баалап баа коюлат.

4.4 Эгер окуучу окуу убактысынан 30% кем эмес убакыт калтырса 2аттестацияланган эмес»-деген жазуу жүргүзүлөт.Жарым жылыдын ичинде окуучу окутулган күндөрдү30%калтырса,ата-энелердин арызы,директордун макулдугу боюнча «2» баасы болсо,баа коюлат.

4.5.Калтырылган окуу материалынын окуучу тарабынан окуп чыгуу жагы ата-энелерге,окуучуга милдеттендирилет.

4.6.Окуу жылынын аягында жылдык жыйынтыктоо баалары бардык предметтер боюнча коюлат.

4.7. Эгер окуучу окуу жылынын аягында аттестацияланган эмес же бир предметтен «2» деген жазуу болсо,анда ошол предметтен кайра көчүрүү экзаменин тапшырат.

Окуучу мугалимден тапшырма жана консультация алып турат.Жоопкерчилик ата-энелерге жүктөлөт.Экзамендин жыйынтыгына протокол түзүлөт.

4.8.Жыйынтыгы педогогикалык кеңеште кабыл алынат,буйрук менен бекитилип жана окуу процессинин катышуучуларына жүктөлөт.

4.9Жыйынтыктоо аттестациясы боюнча 9-11-класстарда баалоо Кыргыз Республикасынын Мыйзамдарына ылайык , билим берүү жана окуу стандартын аткаруу менен мамлекеттикжыйынтыктоо аттестациясынын негизинде ишке ашырылат.

**Окуучулардын жетишкендиктерин баалоонун негизги стратегиялары Физика сабактарында окутуунун натыйжаларын баалоо окутуунун максаттары (күтүлгөн натыйжалары), методдору жана формалары менен тыгыз байланышта.**

Баалоонун максаты – окутуунун иш жүзүндөгү натыйжаларынын күтүлгөн натыйжаларга дал

келүүсүн аныктоо. Окуучулардын окуу ишмердүүлүгүн баалоодо мугалим окутуунун

тандалып алынган методдоруна жана формаларына ылайык баалоонун ар кандай жолдорун

пайдаланат. Баалоонун негизги принциптери Баалоо системасын иштеп чыгууда төмөнкү

негизги принциптерди жетекчиликке алуу зарыл:

- **Обьективдүүлүк**. Обьективдүүлүк принциби бардык окуучулар окшош шарттарда бирдей

текшерүүлөргө кабылышын талап кылат. Маалыматтарды иштетүүнүн обьективдүүлүгү

окуучуга да, мугалимге да белгилүү болгон баа берүүнүн так, ачык чен-өлчөмдөрүн

болжолдойт.

- **Ишенимдүүлүк** – бул педагогикалык ченөөнүн так даражасы. Эгер ошол эле касиеттин

кайталап текшерүүсү ошондой эле жыйынтыкты берсе, ишенимдүү болуп саналат.

 Валиддүүлүк же баалоо методунун шексиздиги, ал чынында эле өлчөнүүгө тийиш болгон

нерсе же башка нерсе өлчөнүп жатканын көрсөтөт. Баалоонун түрлөрү жана формалары

Күтүлүүчү натыйжаларды өлчөө үчүн баалоонун төмөнкү үч түрү колдонулат:

- **Алдын алуучу (диагностикалык);**
- **Калыптандыруучу (формативдик);**
- **Жыйынтыктоочу (суммативдик). Алдын алуучу (диагностикалык баалоо)** – бул

окуучунун билимдеринин, билгичтиктеринин, көндүмдөрүнүн жана компетенттүүлүгүнүн

алгачкы калыптануу деңгээлин аныктоо. Алдын алуучу (диагностикалык) баалоо адатта окуу

жылынын башында же теманы алгач үйрөтүүдө, бөлүмдүн башында биринчи сабакта

жүргүзүлөт жана жылдын аягында окуучулардын күтүлүүчү натыйжага жетишүү прогрессин

аныктоого мүмкүндүк берет.

**Алдын алуучу (диагностикалык)** баалоонун жыйынтыгы баяндап жазуу түрүндө катталып жалпыланат жана окутуу процессин түзөтүү жана окутуунун милдеттерин коюу жолу менен мугалимдер жана окуучулар үчүн окуу милдеттерин жакшыртуу үчүн кызмат кылат. 42

**Калыптандыруучу (формативдик) баалоо** – бул окуучулардын материалды жеке

өздөштүрүү өзгөчөлүгүн жана ийгиликтүүлүгүн аныктоо, ошондой эле күтүлүүчү натыйжага жетиш үчүн окуучуларга сунуштарды иштеп чыгуу. Өзүнүн формасы боюнча ал киришүү (өтүлүүчү теманын башында) жана күндөлүк (окутуу жараянында) болушу мүмкүн. Мугалимкалыптандыруучу баалоону өз убагында окутуу ишин түзөтүү, пландаштырууга өзгөртүү киргизүү үчүн, ал эми окуучулар аткарган жумуштарынын сапатын жакшыртуу үчүн колдонот. Окуучулардын конкреттүү аткарган иштеринин жыйынтыгы бааланат.

**Жыйынтыктоочу (суммативдик) баалоо** – окуучулардын жыйынтыктоочу баасы окутуунун ар бир баскычы үчүн пландаштырылган натыйжаларга окуучунун жетишүү даражасын аныктоо үчүн колдонулуп, күндөлүк, аралык жана жыйынтык баалоодон келип чыгат.Күндөлүк баалоо теманы сабакта өздөштүрүүдө жүргүзүлөт. Анын негизги милдеттери болуп:теманы түшүнүү жана баштапкы өздөштүрүү деңгээлин аныктоо, анын айрым элементтерименен мурунку темалардын мазмунунун ортосундагы байланыштарды белгилөө эсептелинет.Күндөлүк баалоо окуучулардын окуу материалын өздөштүрүүдөгү жекече өзгөчөлүктөрүнэске алуу менен, предметтик стандарт тарабынан сунушталган баалоонун чен-өлчөмдөрүнө

(критерийлери) ылайык жүргүзүлөт. Күндөлүк баалоону мугалим, ошондой эле жуптардагы жана топтордогу өз ара көзөмөл, өзүн өзү көзөмөлдөө аркылуу

окуучулар ишке ашырат. Орто аралык баалоо предметтик стандартта аныкталган күтүлүүчү натыйжаларга, мазмундук

тилкелерге ылайык жана иштин негизги түрлөрү аркылуу жүргүзүлөт:

- физикалык объектини байкоо жана сыпаттоо;
- лабораториялык-практикалык иштер;
- ар кандай булактар менен иштөө (аныктагычтар менен иштөө);
- жазуу иштери (физикалык диктант, өз алдынча иштер, тесттик тапшырмалар, таяныч
    - конспект-схемаларын түзүү);
    - оозеки жооп/презентация;
    - эксперимент өткөрүү;
    - долбоор, изилдөө иштери, иштин өзгөчөлөнгөн түрлөрү;
    - портфолио (жетишкендик папкасы). Иштин бардык түрлөрү баалоонун ченөлчөмдөрүнүн жана нормаларынын негизинде жүргүзүлүп, милдеттүү болуп саналышат жана мугалим тарабынан календардык-тематикалык планды иштеп чыгууда пландаштырылат.
    - Жыйынтыктоочу баалоо мектеп календарына (чейрек, жарым жылдык, окуу жылы), окуу-тематикалык планына (темалар боюнча баалоо) ылайык өткөрүлүп, баа коюу төмөнкү формаларда болушу мүмкүн:
    - зачет, текшерүү иш, тандалган тема боюнча реферат, презентация, слайддарды даярдоо, баа коюу.

**.Лабораториялык же практикалык сабактарды баалоонун ченөлчөмдөрү Эгерде окуучу:**

- тажрыйбанын максатын туура аныктаса;
- жумушту толук көлөмдө тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү керектүү ирееттүүлүктү сактап аткарса;

- тажрыйба жүргүзүү үчүн керектүү куралдарды өз алдынча жана рационалдуу тандаса жана даярдаса, бардык тажрыйбаларды алынган жыйынтыктар жана корутундулар так болуусун камтыган шарттарда жана режимдерде өткөрсө;

- байкоо жүргүзүүнү илимий сабаттуу, логикалуу баяндаса жана жүргүзүлгөн тажрыйбадан корутундуларды жаза алса;

Сунушталган отчетто бардык жазууларды, таблица, сүрөт, графиктерди, саноолорду туура жана так аткарса жана жыйынтык жасаса;

-уюштуруучулук, эмгек билгичтигин көрсөтсө (иш орунда тазалыкты жана ирееттүүлүктү сактаса, иштетилген материалдарды үнөмдүү пайдаланса).

- экспериментти жабдуулар жана материалдар менен иштөө эрежелерин жана коопсуздук эрежелерин эске алуу менен план боюнча ишке ашырса, анда ага "5" деген баа коюлат. Эгерде окуучу “5” деген баанын талаптарын аткарса, бирок:

-өлчөөлөр жеткиликтүү тактыкты камсыз кылбаган шарттарда тажрыйбаны аткарса;

- эки-үч таксыздык кетирсе;

- бирден көп эмес ката жана бир жетишпегендик болсо;

- эксперимент толук эмес жасалса;

- байкоо жүргүзүүнү баяндоодо так эместик болсо, жыйынтыкты толук эмес жазса,

**анда ага "4" деген баа коюлат. Эгерде окуучу:**

-тажрыйбанын максатын туура аныктаса;

- жумуштун жарымы туура аткарылса, бирок аткарылган бөлүмдөрдүн көлөмү туура жыйынтык алууга жана иштин маанилүү, негизги милдеттери боюнча жыйынтыктарды алууга мүмкүнчүлүк берсе;

- материалдарды, жабдууларды, объектини тандоону, ошондой эле тажрыйбанын

башталышы боюнча иштерди мугалимдин жардамы менен баштаса;

- байкоо жүргүзүүнү баяндоодо, жыйынтыктарды жазууда, тажрыйбанын жана өлчөөлөрдүн жүрүшүндө ката кетирсе;

- ушул иш үчүн принципиалдуу мүнөзгө эмес, бирок аткаруу жыйынтыгына таасир эткен тажрыйба рационалдуу эмес шарттарда жүргүзүлсө, жыйынтык алууда чоң айырмага алып келсе же отчетто жалпысынан экиден көп ката кетирсе (бирдиктерди, өлчөөлөрдү, эсептерди, график, таблица, схема ж.б. жазууда);

- эксперименттин жүрүшүндө одоно ката кетирилсе (айтып берүүдө, жумушту жазууда,материалдар жана жабдуулар менен иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоодо), ал мугалимдин талабы боюнча оңдолсо,

**анда ага "3" деген баа коюлат. Эгерде окуучу:**

- өз алдынча тажрыйбанын максатын аныктай албаса; жумушту толук аткарбаса; жумушка керектүү жабдуулар жана каражаттар даярдалбаса жана аткарылган жумуштун көлөмүнүн бөлүгү менен жыйынтык жасоо мүмкүнчүлүк бербесе;

- тажрыйбалар, өлчөөлөр, эсептөөлөр, байкоолор туура эмес жүргүзүлсө;

-иштин жүрүшүндө жана отчеттун жыйындысында

“3” деген баанын талаптарында белгиленген бардык жетишпестиктер көрүнсө;

-эксперименттин жүрүшүндө, жумушту жасалгалоодо, заттар жана жабдуулар менен

иштөөдө коопсуздук эрежелерин сактоодо, мугалимдин талабы менен дагы оңдой албаган эки (же андан көп) одоно ката кетирсе,анда ага "2" деген баа коюлат. Эгерде окуучу:

- өз алдынча тажрыйбанын максатын аныктай албаса;

- тажрыйбалар, өлчөө, эсептөө, байкоо жүргүзүү иштерин таптакыр өткөрө албаса;

- эксперименттик билгичтиктеринин жоктугун көрсөтсө; эмгектин коопсуздук эрежелерин

сактабаса же одоно бузса, анда ага"1"деген баа коюлат.

Окуучулардын ишмердүүлүктөрүнүн түрлөрү боюнча баалоонун чен - өлчөмдөрү 1.

Оозеки жоопторду баалоонун чен-өлчөмдөрү

**«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• каралып жаткан кубулуштардын жана законченемдүүлүктөрдүн, закон, теориялар, негизги

түшүнүктөр, теориялардын так аныктамасын берсе, ошондой эле физикалык чоңдукту,

алардын бирдигин жана өлчөө ыкмаларын туура аныктаса;

• графиктерди, схемаларды, сүрөттөрдү туура аткарса;

• жоопту өздүк план боюнча далилдүү кура алса;

• практикалык ишти аткарууда билимин жаңы кырдаалдарда колдоно алса;

• веб-квест менен иштей алса;

• материалдын жалпы мазмунунан негизгисин бөлө алса;

• өз алдынча долбоор, изилдөө иштерин даярдаса;

• физика курсу боюнча мурда өтүлгөн материал менен жаңы материалды, башка предметтерди

окуп-үйрөнүүдө өздөштүргөн материал менен байланышты кура алса.

**«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• жообу «5» деген баага коюлган негизги талаптарын канааттандырса;

• бирок жаңы мисалдарды келтирүүдө же өз планын пайдаланбаса;

• жаңы кырдаалда колдонбосо;

• мурда окуп-үйрөнүлгөн материалдардын ортосундагы байланыштарды же башка

предметтерди өздөштүрүүдө пайдаланбаса;

• эгер окуучу бир ката кетирсе, экиден ашпаган кемчилик болсо жана мугалимдин бир аз колдоосу менен же өз алдынча оңдосо. «3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• физика предметинин программалык материалын өздөштүрүүдө каралган кубулуштардын, закончиенемдүүлүктөрдүн физикалык маңызын туура түшүнсө, бирок жоопторунда тоскоолдук кылбаган мүчүлүштүктөр бар болсо;

• жөнөкөй маселелерди чечүүдө даяр формуланы пайдалануу менен алган билимин колдоно алса, бирок кээ бир формулаларды өзгөртүп түзүүнү талап кылган маселелерди чыгарууда кыйналса;

• бир одоно, бир одоно эмес ката кетирсе, 2-3 ашпаган одоно эмес кемчилик болсо. 73 «2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• окуучу талаптарга ылайык негизги предметтик компетенттүүлүктөргө ээ болбосо;

• «3» деген баа үчүн керектүүгө караганда көбүрөөк каталарды жана кемчиликтерди кетирсе.

«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:

• окуучу коюлган суроолордун бирине да жооп бере албаса.

2. Жазуу, текшерүү иштерин баалоонун чен-өлчөмдөрү «5» деген баа коюлат, эгерде

окуучу:

• ишти катасы, кемчилиги жок аткарса.

**«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• ишти толук аткарса, бирок бир катасы, бир кемчилиги же 3төн ашпаган кемчилик кетирсе.

**«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• бардык иштин көлөмүнөн 2/3 бөлүгү туура болсо, бир одоно ката кетсе же 3 одоно эмес ката,

3 чейинки кемчиликти кетирсе, 3-4 кемчилик болсо.

**«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• иш 3 деген баанын талабына жооп бербесе же иштин 2/3 бөлүгү аткарылса.

**«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу: иш дээрлик аткарылбаса же одоно каталар кетирилсе.**

**3. Маселелерди чыгарууну баалоонун чен-өлчөмдөрү «5» деген баа коюлат, эгерде окуучу** төмөнкү элементтерди камтыган маселенин толук чыгарылышын берсе:

• схемалык сүрөттү берсе (керектүү учурларда);

• схема, маселенин шартын чагылдырган графигин берсе;

• маселени чыгарууда колдонуу керек болгон физикалык закондун формуласын туура жазса;

• өлчөөчү бирдикти туура эсептесе;

• туура сандык жоопко керектүү математикалык өзгөртүүлөр жана эсептөөлөр жүргүзсө жана

жооп берсе. 74

**«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу** чыгарган маселеде төмөндө келтирилген

кемчиликтердин бири кездешсе:

• керектүү математикалык өзгөртүүлөрдө жана эсептөөлөрдө ката кетирсе;

• сандык эсептөөлөрү жок туура жоопту жалпы түрдө берсе;

• керектүү формулалар туура жазылып, схемалык сүрөт, схема, график, туура жооп жазылган (керектүү учурларда), бирок жоопко алып келген керектүү математикалык өзгөртүүлөрдү бербесе**. «3» деген баа коюлат, эгерде окуучу** төмөнкү учурлардын бирөөнө ылайык келген чечимдерди келтирсе:

• керектүү математикалык өзгөртүүлөрдө кандайдыр бир сандык эсептөөлөр жок болсо,

• берилген схема, сүрөт, график, таблица боюнча баштапкы маалыматтарды аныктоодо ката

кетирсе, бирок башка эсептөөлөрдү катасыз аткарса;

• маселелерди чыгаруу үчүн керектүү баштапкы бардык формулалар толук жазылбаса жана пайдаланбаса же бирөөсүндө ката болсо;

• схема, сүрөт, маселенин шартын чагылдырган график гана берилсе (керектүү учурларда) же сүрөтү жок туура жоопту эле берсе.

**«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• маселени жогоруда көрсөтүлгөн чен-өлчөмдөргө ылайык келбегендей чыгарса.

**«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• ишти дээрлик аткарбаса же тапшырмаларда одоно каталары менен аткарса.

4. **Эксперименталдык ишти аткарууну баалоонун чен-өлчөмдөрү**

**«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү өткөрүүнүн керектүү ирееттүүлүктү сактоо менен ишти

толук көлөмдө аткарса;

• керектүү жабдууларды өз алдынча жана рационалдуу оңдой алса;

• бардык тажрыйбаларды туура жыйынтыктарды жана корутундуларды алууну камсыздаган

режимдерде жана шарттарда аткарса;

• техникалык коопсуздугунун талабын сактаса;

• отчетто жазууларды, таблицаларды, графиктерди, эсептөөлөрдү тыкан жана туура аткарса;

• талдоо жүргүзүп жана өз алдынча жыйынтык чыгарса. 75

**«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• ишти 5 деген баанын талабына ылайык аткарса, бирок бирден ашпаган одоно эмес ката жана

бир кемчилик кетирсе.

**«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• ишти толук аткарбаса, бирок аткарган иштин көлөмүнүн бөлүгү туура жыйынтыктарды жана

корутундуларды алууга мүмкүнчүлүк берсе;

• тажрыйбаларды жана өлчөөлөрдү өткөрүүнүн жүрүшүндө каталарды кетирсе.

**«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• ишти толук аткарбаса;

• аткарылган иштин көлөмү туура жыйынтыктарды чыгарууга мүмкүнчүлүк бербесе;

• байкоо жүргүзүү жана эсептөөлөр туура эмес өткөрүлсө.

**«1» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• таптакыр ишти аткарбаса.

**Информатика предмети боюнча баалоо системасы төмөнкү иш-аракеттер менен берилет:**

- Башталгыч иштер (сентябрдын башы) окутууну улантуу жана кемчиликтерди түзөтүү үчүн коррекциялык иштерди пландоо максатында окуучулардын реалдуу билим деңгээли менен актуалдуу деңгээлинин ортосундагы айырмачылыкты аныктоого мүмкүнчүлүк берет.Мугалим башталгыч иштердин натыйжаларын журналга жана окуучунун күндөлүгүнө 5баллдык шкала боюнча коёт, ошондой эле билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди көзөмөлдөө таблицасына проценттик катышта белгилейт.
- Тесттик тапшырмалар окуу маселесин чыгаруу үчүн керек болгон иш-аракеттин операциялык түзүлүшү боюнча окуучунун өздөштүргөн билимин текшерүүгө багытталган тапшырмаларды камтыйт. Бул иштин натыйжалары журналга жана окуучунун күндөлүгүнө 5 баллдык шкала боюнча коюлат.
- Текшерүү иши окуучулардын предметтик маданий ыкмаларды/каражаттарды өздөштүрүү деңгээлдерин аныктоого багытталып, теманын жыйынтыгы боюнча 5 баллдык шкала боюнча бааланат.
- Аралык жана жыйынтыктоочу текшерүү иши (декабрь, апрель айларынын аягы) окуу чейректеги негизги темаларды камтыйт. Тапшырмалар окуучулардын билимин текшерүүгө жеке гана багытталбастан, окутуунун өнүктүрүүчү таасирин аныктоого да багытталат. Текшерүү иши бир нече этапта жүргүзүлүшү мүмкүн. Текшерүүнүн натыйжалары журналга жана окуучунун күндөлүгүнө 5 баллдык шкала боюнча коюлат, ошондой эле билимдерди, көндүмдөрдү жана билгичтиктерди көзөмөлдөө таблицасында проценттик катышта белгиленет.

**Баа коюунун нормалары «5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- өтүлгөн материалды катасыз айтып же жазып берсе;

- билим, билгичтик жана практикалык көндүмдөрдүн бардык көлөмүн программага ылайык өздөштүргөн болсо;

- материалды жазуу түрүндө же оозеки формада аң сезимдүү айтып бере алат, тексттеги негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алат, өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп берсе;

- бүтүндөй материалды так жана толугу менен айтып берет, жазуу иштерин катасыз аткара алса;

- алган билимдерин практикада эркин колдоно алса.

**«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- программалык материалдын билимдерин өздөштүрсө;

- материалды аң сезимдүү түрдө айтып берип, бирок анын маанилүү жактарын дайыма ажыратып айта албаса;

- билимдерин практикада колдоно алат, бирок өзгөртүлүп берилген суроолорго оңой жооп бере албаса;

- оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда

каталар болушу мүмкүн, мугалим эскерткен кемчиликтерди оңой оңдой алса

. **«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- программалык материалдын билимдерин өздөштүрөт, бирок өз алдынча айтып берүүдө кыйналат жана мугалим тарабынан тактап

-толуктай турган суроолордун берилишин талап кылса;

- оозеки суроолорго жооп берүүнү каалайт;

- өзгөртүлүп берилген суроолорго жооп берүүдө кыйналса;

- оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда каталар болсо.

**«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- материал туурасында башка түшүнүккө ээ болсо;

- оозеки жана жазуу формасындагы тапшырмаларга берилген жоопторунда орой каталар болсо.

Оозеки жоопторду баалоонун критерийлери «5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:

- өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе;

- материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет: жооп өз алдынча берсе.

**«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- өздөштүрүлгөн теориянын негизинде толук жана туура жооп берсе;

материалды белгилүү логикалык ырааттуулук менен адабий тилде айтып берет, бирок эки-үч майда ката кетирип, аларды мугалимдин эскертүүсү боюнча оңдосо.

**«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- жооп толук берилди, бирок маанилүү ката бар, же болбосо толук эмес жооп берсе.

**«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- жооп берип жатканда окуучунун өтүлгөн материалдын негизги мазмунун түшүнбөй

калгандыгы аныкталганда же мугалимдин жол көрсөтүүчү суроолорунун жардамы менен

оңдой албай калган маанилүү каталары бар болсо.

**Практикалык ишти баалоонун критерийлери**

**«5» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- иш туура жана толук аткарылган; туура жыйынтык чыгарылса;

- иш план боюнча техникалык коопсуздукту сактоо менен аткарылса.

**«4» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- жалпысынан иш туура аткарылган, эки-үч майда ката кетирилип, алар мугалимдин

эскертүүсү боюнча оңдолсо.

**«3» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- иш жарым-жартылай туура аткарылган же болбосо маанилүү ката кетирилсе.

**«2» деген баа окуучуга төмөнкү учурларда коюлат:**

- ишти аткаруу учурунда эки (жана көп) маанилүү ката кетирилген жана бул каталарды

окуучу мугалимдин эскертүүсү менен оңдой алган эмес.

**Тесттерди баалоонун критерийлери**

**“3” деген баа** туура жооптор жалпы суроолордун 60% -74% түзсө;

**“4” деген баа** туура жооптор жалпы суроолордун 75% - 90% түзсө;

**“5” деген баа** окуучу тестти ийгиликтүү аткарып, туура жооптор жалпы суроолордун 90%

ашыгын түзсө

**Англис тили сабагын баалоо**

**Уктуруу**

**“5” баасы**

Эгерде коммуникативдик милдет чечилсе жана ошол эле учурда окуучулар программалык талаптарга жооп берген чет тилдик кептин мазмунун толук түшүнсө «5» деген баа коюлат.

**“4”баасы**

Эгерде коммуникативдик тапшырма чечилсе жана ошол эле учурда окуучулар ар бир класс үчүн программалык талаптарга жооп берген чет тилинин мазмунун толук түшүнсө, түшүнүүгө таасирин тийгизбеген айрым деталдарды кошпогондо, «4» деген баа коюлат.

**“3” баасы**

Эгерде коммуникативдик милдет чечилип, ошол эле учурда окуучулар ар бир класс үчүн программалык талаптарга жооп берген чет элдик кептин негизги маанисин гана толук түшүнгөн учурда коюлат.

**“2”баасы**

Эгерде окуучулар ар бир класс үчүн программалык талаптарга жооп берген чет тилиндеги кептин маанисин түшүнбөсө коюлат.

**Суйлоо учурунда**

**“5” баасы**

«5» деген баа баарлашуу жүргүзүлүп, окуучулардын айткандары коюлган коммуникативдик

тапшырмага ылайык келсе, ошол эле учурда алардын оозеки сүйлөөлөрү программалык талаптардын чегинде чет тилинин нормаларына толук жооп берген учурда коюлат.

**“4”баасы**

Эгерде баарлашуу жүргүзүлүп, окуучулардын айткандары коюлган коммуникативдик милдетке ылайык келген учурда коюлат жана ошол эле учурда окуучулар өз оюн чет тилинде тил нормаларынан бир аз четтөөлөр менен айтышса, башкача айтканда, оозеки сүйлөө бул класстын программалык талаптарынын чегинде чет тилинин нормаларына туура келет.

**“3”баасы**

Эгерде баарлашуу ишке ашкан учурда коюлат, окуучулардын айткандары коюлган

коммуникативдик милдетке ылайык келсе, ошол эле учурда студенттер тил нормаларынан четтөөлөр менен өз ойлорун чет тилинде айтышса, бирок бул айтылган нерсенин мазмунунтүшүнүүгө тоскоолдук болбосо.

**“2”баасы**

Байланыш маселеси чечиле элек. Билдирүүнү курууда логика жок. Тексттин бөлүктөрүнүн ортосундагы логикалык байланышты берүү каражаттары колдонулбайт. Каттын форматы сакталбайт.

**Окуу учурунда**

**«5» баасы**

Эгерде коммуникативдик тапшырма чечилсе жана ошол эле учурда окуучулар тапшырмада каралган көлөмдө окулган чет элдик тексттин мазмунун толук түшүнсө, окуучулардын окуусу программалык талаптарга жооп берсе, «5» деген баа коюлат.

**«4» баасы**

Эгерде коммуникативдик тапшырма чечилсе жана ошол эле учурда студенттер окулган чет өлкөлүк тексттин мазмунун толук түшүнсө, бул текстти түшүнүүгө таасирин тийгизбеген деталдарды кошпогондо, «4» деген баа коюлат.

**“3”баасы**

Эгерде окуганынын негизги мазмунун так түшүнбөгөн, тексттеги аз гана фактыларды бөлүп көрсөтө алган, тилдик божомол такыр өнүкпөгөн окууларга коюлат.

**“2” баасы**

Эгерде ал текстти түшүнбөсө же тексттин мазмунун туура эмес түшүнсө, айрым фактыларды издөөдө текстте ориентацияланбаса, семантиканы билбесе коюлат. Окуганынын негизги мазмунун текстте аз гана фактыларды бөлүп көрсөтө алат.

**Математика предметти боюнча 5-11-класстар арасында балоонун турлору**

**Текшерүү иштерди жана өз алдынча иштерди баалоонун**

**чен-өлчөмдөрү**

**«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• тапшырманы толугу менен аткарса;

• логикалык ой жүгүртүүдө жана чечимди негиздөөдө каталар жана жетишпестиктер жок болсо;

• чыгарылышта математикалык каталар жок (бир ката бар болушу мүмкүн, ал окуу материалын билбегенден же түшүнбөгөндөн эмес).

**«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• тапшырманы толугу менен аткарса, бирок маселенин чыгарылышында негиздөөлөр жетиштүү эмес;

• маселелердин чыгарылышында бир ката жана сүрөттөрдө, чиймелерде эки же үч жетишсиздик бар болсо.

**«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• маселелердин чыгарылышында бирден көп ката кетирсе;

• чиймелерден, сүрөттөрдөн үч же төрт жетишсиздиктер бар болсо, бирок текшерилип жаткан тема боюнча милдеттүү билгичтиктерге ээ болсо.

**«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• берилген тема боюнча милдеттүү билгичтиктерге ээ болбогонун көрсөткөн жеткиликтүү каталарды кетирсе.

Оозеки жоопторду баалоонун чен-өлчөмдөрү

**«5» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• китепте жана программада каралган көлөмдө материалдын мазмунун толугу менен ачса;

• белгилүү логикалык ырааттуулукта математикалык терминология жана символиканы так пайдалануу менен сабаттуу тилде берсе;

• жоопторго жардам берүүчү сүрөттөрдү, чиймелерди, графиктерди туура аткарса;

• жалпылоо жана тыянак чыгаруу белгилүү фактыларга таянса, окуу китебиндеги мисалдар менен гана тастыкталбастан кошумча адабияттан, айлана-чөйрөдөгү жекече байкоо жүргүзүүнүн негизинде дагы тастыктаса;

• негизгисин башкасынан бөлүп караса;

• өзүнчө фактыларды жалпылоолордон айырмалай билүүнү көрсөтсө;

• кошумча суроолорго жооп берүүдө 1-2 так эместикти кетирсе;

• мугалимдин эскертүүсүнөн кийин каталарды жеңил оңдосо.

**«4» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• негизги материалды, ошондой эле орчундуу майда-бараттарды билүүдө «5» деген баа алгандай өздөштүрсө, бирок материалды түшүндүрүп берүү ыкмаларында жана мазмунунда кээ бир кемчиликтерди кетирсе.

**«3» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• мектеп программасынын чегинде негизги материалга тиешелүү жеткиликтүү терең билимдери бар болсо;

• материалдын мазмунун терең чече албаса;

• программанын башка суроолору боюнча каталарды кетирсе;

• өзү кошумча суроолорго жооп берүү менен оңдой алса.

**«2» деген баа коюлат, эгерде окуучу:**

• берген жообу, кетирген каталары жогоруда канааттандырбаса;

• жыйынтыгында одоно каталар фактылык материал жөнүндө начар билими тууралуу күбөлөндүрсө;

• кошумча суроолорго дагы жооп бере албаса.

**Д.Бейшенов жалпы орто билим берүү мектебинде кыргыз тили жана кыргыз адабияты сабактары боюнча окуучулардын окуу ишмердүүлүктөрүн баалоонун критерийлери.**

**Окуучулардын оозеки жоопторун баалоонун жалпы чен-өлчөмдөрү**. Окуучу менен мугалимдин ортосундагы байланыштын эң көп колдонулган формаларынын бири – мугалимдин суроо-тапшырмаларына окуучунун оозеки жооп бериши. Жооптун тууралыгы белгилүү өлчөмдө суроо-тапшырмалардын түшүнүктүү, так берилишине байланыштуу да болот жана убакыт үнөмдөлөт. Оозеки жоопторду баалоодо төмөнкүлөрдү эске алуу керек:окуучунун аныктаманын маңызын, тексттин кебин түшүнүүсү, алардын негизги маанисин, мазмунун айтып бериши, айтылуучу ойго карата сөздөрдү тандап, билип, ыктуу колдонушу. Сүйлөм курулуштарынын тактыгы, анын айтылыш интонацияларынын тууралыгы, берген жоопторунда өз оюнун болушу, анын далилдүүлүгү; сүйлөө кебинин лексикалык байлыгы, ой жагынан ырааттуулугу.

**Оозеки жоопторду беш «5» деген** баа төмөнкү учурларда коюлууга тийиш: мугалимдин суроо-тапшырмаларына толук, канааттандырарлык жооп берсе; окуу китебин, мугалимдин түшүндүрүүсүн түздөн-түз ээрчибей, өз оюн кошумчалап, кебин адабий тилдин нормасында системалуу түрдө айтып берсе, айткан теориялык түшүнүктөрүн мисалдар менен айкаштырып далилдей алса;

**«4» деген баа** жогорудагы тапшырмаларды аткарууда анча-мынча так эместиктер кетирилсе, ал кетирилген так эместиктерди оңдоо, ойго толуктоо иретинде берилген кошумча суроолорго толук, ойдогудай болбой, бирок жалпысынан негизги түшүнүгү бар экени билинип турса коюлат.

**«3» деген баа** коюлат Мугалимдин суроосуна окуучу анча-мынча жооп берип, толук эмес түшүнүгүн көрсөтүп, теориялык маселелерди мисал менен далилдей албаса, кебинде өз оюн системалуу баяндай албай, сүйлөө кебинде эки-үч ката кетирсе.

**«2» деген баа** окуучу материалды билбей, аныктамаларды туура айтып бере албай, маанисин бузуп, келтирген мисалы да дал келбей айтылган учурда коюлат. Ал эми мугалимдин суроосу таптакыр жоопсуз калып, аны чечмелөөгө түшүнүгү жок болуп, аракети көрүнбөсө «1» деген баа коюлат.

**Окуучулардын жазуу иштерин баалоо** .Мугалим окуучулардын жазуу иштерин баалоодо төмөнкүлөрдү эске алат: айтылган сөздөрдү туура кабылдап, теориясы менен айкалыштырып, орфографиялык эрежелерге ылайык туура жаза билүүсү окуучунун ар түрдүү дилбаян, баяндама жумуштарына өзүнүн түшүнүгү ой жүгүртүүсүн системалуу түрдө жаза билүү деңгээли; жазууда орфографиялык, пунктуациялы жана стилистикалык эрежелердин сакталышы; окулган текст боюнча

план түзүп, реферат, доклад жаза билүүсү, иш кагаздарын өз эрежеси, талаптары боюнча жазуусу ж.б.

**Жат жазууларга коюлуучу бирдиктүү талаптар жана баалардын чен-өлчөмдөрү.**

**Жат жазуу** – окуучулардын орфографиялык, пунктуациялык сабаттуулугун текшерүүнүн эң негизги формаларынын бири. Ал үчүн өтүлгөн темаларга карата текст туура тандалып, окуучулар үчүн түшүнүктүү болушу керек. жат жазуунун текстинде учураган айрым түшүнүксүз, өтүлө элек эрежелерге ылайык жазылуучу сөздөрдү мугалим доскага жазып бериши керек. бирок мындай сөздөр жалпы тексттин көлөмүнүн бештен бир бөлүгүнөн ашпоого тийиш. Ар бир жат жазууда белгилүү максат болот. Ал өтүлгөн материалдын кандайча өздөштүрүлүп жаткандыгынан кабар берип, теориялык билимди иш жүзүндө колдоно билүүгө үйрөтүүсү керек. Текшерүү жат жазуусунун текстинин көлөмү: 5-класска 90-100 сөз, 6-класска 100-110 сөз, 7-класска 110-120 сөз, 8-класска 120-150 сөз, 9-класска 150-170 сөздөн турган тексттер алынат. Жат жазуунун каталары төмөндөгүдөй учурларда эсептелинбейт: өтүлө элек эрежелерден кетирилген каталар; сөздүн жазылышын билип туруп, тамгаларды байкабай (механикалык түрдө) алмаштырып же айрым тыбыштар түшүп калган учурда (мисалы: «кызмат» дегендин ордуна «кызма» деп, «түшүм» дегендин ордуна «түшм» болуп жазылса) орфографиялык эрежелерди такталбай эки түрдүү жазылып келе жаткан сөздөр (мисалы: «дубана» - «думана», «насыят» - «насаат») жазма тамгалардын басма түрүндө жазылып калган учурлары. Бир сөз же сөздүн бир мүчөсү түшүрүлүп жазылып, же алмаштырылып калып, ошол сүйлөм ой жагынан, стилдик байланышы жагынан бузулбаса (мисалы: айылдык кишилер – айыл кишилери, атчан кишилер – атчандар – атчан адамдар ж.б.) Баа коюуда мугалим катанын одоно же одоно эместигине карата мамиле кылат. Одоно эмес ката окуучунун сабатын текшерүүдө чечүүчү мааниге ээ болбойт. Ошондуктан андай каталардын эки-үчөөнү бир ката катары эске алуу керек. Одоно эмес каталарга төмөнкүлөрдү кошууга болот: сөздөрдү ташымалдоодо сөз туура ташымалданып, ташымал белгисинин коюлбай, же белгинин эки жакка тең коюлушу; интонацияга байланыштуу тыныш белгинин алмаштырылып коюлушу (мисалы сүйлөмдүн баш жагында сырдык сөздөн кийин үтүрдүн ордуна илеп белгисинин коюлуп калышы ж.б.); окуучу жазылышын билип туруп, бир сөздү бирде туура, бирде ката жазса; бир эле сөздөн ар кайсы жерде бирдей ката кетирсе, бир эле ката деп эсептелинет; Жазуу жумушунун тазалык деңгээлине; оңдоолордун көп, аздыгына карата мугалимге бир бааны төмөндөтүп коюуга мүмкүндүк берилет. Айрыкча, булганыч жазылган жана үчтөн ашык оңдоосу бар иштерге «5» деген бааны ыйгарууга болбойт. Мугалим өзгөчө көңүл бура турган орфограмма жана пиктограммалар текстте төмөндөгүдөй сандардын айланасында болууга тийиш: 5-класста 10-12 ар түрдүү орфограмма, 2-3 пунктограмма, 6-класста 14-16 ар түрдүү

орфограмма, 4-5 пунктограмма, 7-класста 16-18 ар түрдүү орфограмма, 6-7 пунктограмма, 8-класста 18-20 ар түрдүү орфограмма, 10-12 пунктограмма. Жат жазуу текстинде атайын өтүлгөн эрежелерге ылайык 5-класста 4-5, 6-7-класста 5-7, 7-9-класста 8-10, 10-11-класста 10-12 жазылышы татаал сөздөр сөзсүз түрдө аралашууга тийиш. Ошондой эле текшерүү жат жазуусунда 5- класста 2-3, 6-7-класстарда 3-4, 8-9-класстарда 4-5 татаал сүйлөмдөр болушу керек. Жат жазууларда орфографиялык, пунктуациялык каталар, жазуунун техникалык эрежелери, иштин тазалыгы эске алынып бир гана баа коюлат. Эгерде, айрым учурларда, жат жазууга кошумча иштер тапшырма катары кошо берилсе, экөөнө эки башка баа коюу талап кылынат. Жат жазууга баа коюуда мугалим төмөнкүдөй чен-өлчөмдөрдү жетекчиликке алат: «5» деген баа катасыз жазылган, бир орфографиялык же бир пунктуациялык катадан ашпаган, үчтөн ашык оңдоолор болбогон иштерге коюлат. «4» деген баа каталардын жалпы саны төрттөн ашпаган (эки орфографиялык, эки пунктуациялык же төр орфографиялык, төрт пунктуациялык) жат жазууларга коюлат. «3» деген баа төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык же үч орфографиялык, беш пунктуациялык катасы жок туруп жети ката жиберилген иштерге коюлат. «2» деген баа «3» коюлуучу иштин чегинен ашкан, жети орфографиялык, жети пунктуациялык; же алты орфографиялык, сегиз пунктуациялык же сегиз орфографиялык, алты пунктуациялык ката кетирген иштерге коюлат.

**Сөздүк жат жазууларында**:

5-класс үчүн 10-20 сөз, 6-класс үчүн 15-25 сөз, 7-класс үчүн 25-30 сөз, 8-класс үчүн 20-35 сөз, 9-класс үчүн 20-40 сөздөн турган текст алуу жагы белгиленет. Сөздүк жат жазууларда: «5» деген баа катасы жок, «4» деген баа бир эки катасы бар, «3» деген баа үч-төрт ката кетирген, «2» деген баа төрт-беш катасы бар, «1» деген баа 7ден ашык ката кетирилген иштерге коюлат.

**Кыргыз тилинен окуучулардын баяндамасын баалоо .**

Баяндаманы баалоонун чен-өлчөмдөрү Жазуу түрүндөгү кеңири баяндамага сөздүн белгилүү өлчөмдөгү саны сакталган байланыштуу тексттен үзүндү алынат. Текст 5-классүчүн 100-150 сөз, 6-класс үчүн 150- 200 сөз, 7-класс үчүн 200-250 сөз, 8-класс үчүн 250-350 сөз, 9-класс үчүн 350-450 сөздүн айланасында берилет. Баяндаманы баалоодо мугалим төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш: баяндаманын аткарылыш максатына, анын түрлөрүнө (кыска, кеңири, тандалмалуу, кошумча, тапшырма берилүү менен жазылуучу ж.б.) каратаокуучунун ишти аткаруусу; окуучуну тексттин мазмунун түшүнүп кабылдоосу; ошого байланыштуу тексттеги окуянын баяндалыш системасы; окуучунун план түзө билиши, ага жооп бериши; окуучунун индивидуалдуу кеби менен тексттин кебинин ортосундагы байланышы жана андагы чыгармачылыгынын көрүнүшү: иштин грамматикалык жана стилистикалык жактан

аткарылыш деңгээли, ой-туюмунун жыйынтыктуулугу. Баяндамада эки баа коюлат. Баяндама тил сабагында болсо, эки баасы тең кыргыз тилге коюлат. Ал эми адабият сабагында жаздырылса, биринчи баа адабиятка тиешелүү болуп, экинчи баада орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук эске алынып, кыргыз тилине таандык болот. Биринчи бааны коюуда төмөнкүдөй бирдиктүү талап жетекчиликке алынат: Биринчи баа иштин мазмунунда темага жооп берүүсүнө, сөз байлыгына, сөз каражаттарын ыгы менен колдонуусуна, башкы ойду ача билүүсүнө, талапка карата текстти кеңири же кыскача баяндай алуусуна, чыгармачылык мүнөздөгү кошумча тапшырмаларды аткарыш деңгээлине коюлат. Баяндамада экинчи бааны окуучунун орфографиялык жана пунктуациялык сабатын эске алуу менен, жат жазуунун чен-өлчөмдөрү боюнча балоо зарыл. 9- классты аяктап жатканда жазуу түрүндөгү баяндамага байланыштуу тексттен үзүндү алынып, дил баяндын элементтери камтылган баяндама жаздырылат. Окуучулар берилген текстти кең ири же кыска баяндоо менен чыгармачылык тапшырманы аткаруусу зарыл. Баяндаманы жаздыруунун алдында киришүү аңгемеси өткөрүлөт. Анын максаты – текстти кабыл алууга даярдоо менен баяндама жазууга карата окуучулардын кызыгуусун пайда кылуу. Бул аңгемелешүүдө мугалим тексттин автору, окуя болуп өткөн тарыхый кырдаал тууралуу кыскача түшүнүк айтат. Айрым учурда тексттин темасы, идеясы, проблемалары, түшүнүксүз сөздөр, терминдер чечмеленет. Баяндаманы жазууда текст эки жолу окулат. Биринчи жолку окууда окуучулар тексттин мазмунун, негизги оюн түшүнүү менен теманы аныктап, микротемалардын ыраатуулугун эстеп калуулары керек. Окуучулар жумушчу дептерине айрымдарын жазуу менен план түзүүгө үлгүрүшү мүмкүн. Он беш минут өткөндөн кийин текст экинчи ирет окулат да андан соң баяндама жазыла баштайт. Текстти экинчи жолу уккандан кийин окуучулар өздөрүнүн пландарын иреттеп, айрым даталарды, фамилияларды такташат. Планда автордун стилин чагылдырган түйүндүү сөздөр, сөз айкаштары берилет. Баяндама жазууда сөзсүз түрдө эле окуучулардын өз сөздөрү менен гана жазууну талап кылуу да зарыл эмес. Окуучунун тексттегидей эле баяндаганы оң. Татаал тексттерди угууда окуучулар үчүн кыйын деп эсептелинген айрым эпизоддорду белгилөө менен кыскача конспектилөөгө мүмкүндүк түзүлөт. Татаал деп эсептелинген аттарды, каармандардын фамилияларын, тарыхый окуялардын аталыштарын, географиялык аттарды мугалим доскага жазып коюусу зарыл. Баяндама жазууда ар кыл типтеги сөздүктөр менен пайдаланууга уруксат берилет. Текстти баяндоо менен бирге эле дилбаяндын элементтери катышкан чыгармачылык иштер да аткарылат. Сунуш кылынган ар кыл варианттагы тексттин ар биринин аяк жагында Сөздүк жат жазууларында: 5-класс үчүн 10-20 сөз, 6-класс үчүн 15-25 сөз, 7-класс үчун 25-30 сөз, 8-класс үчүн 20-35 сөз, 9-класс үчүн 20-40 сөздөн турган текст алуу жагы белгиленет. Сөздүк жат жазууларда: «5» деген баа катасы жок, «4» деген баа бир эки катасы бар, «3» деген баа үч-төрт ката кетирген,

«2» деген баа төрт-беш катасы бар, «1» деген баа 7ден ашык ката кетирилген иштерге коюлат. Кыргыз тилинен окуучулардын баяндамасын баалоо . Баяндаманы баалоонун чен-өлчөмдөрү Жазуу түрүндөгү кеңири баяндамага сөздүн белгилүү өлчөмдөгү саны сакталган байланыштуу тексттен үзүндү алынат. Текст 5-класс үчүн 100-150 сөз, 6-класс үчүн 150- 200 сөз, 7-класс үчүн 200-250 сөз, 8-класс үчүн 250-350 сөз, 9-класс үчүн 350-450 сөздүн айланасында берилет. Баяндаманы баалоодо мугалим төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш: баяндаманын аткарылыш максатына, анын түрлөрүнө (кыска, кеңири, тандалмалуу, кошумча, тапшырма берилүү менен жазылуучу ж.б.) карата окуучунун ишти аткаруусу; окуучуну тексттин мазмунун түшүнүп кабылдоосу; ошого байланыштуу тексттеги окуянын баяндалыш системасы; окуучунун план түзө билиши, ага жооп бериши; окуучунун индивидуалдуу кеби менен тексттин кебинин ортосундагы байланышы жана андагы чыгармачылыгынын көрүнүшү: иштин грамматикалык жана стилистикалык жактан аткарылыш деңгээли, ой-туюмунун жыйынтыктуулугу. Баяндамада эки баа коюлат. Баяндама тил сабагында болсо, эки баасы тең кыргыз тилге коюлат. Ал эми адабият сабагында жаздырылса, биринчи баа адабиятка тиешелүү болуп, экинчи баада орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулук эске алынып, кыргыз тилине таандык болот. Биринчи бааны коюуда төмөнкүдөй бирдиктүү талап жетекчиликке алынат: Биринчи баа иштин мазмунунда темага жооп берүүсүнө, сөз байлыгына, сөз каражаттарын ыгы менен колдонуусуна, башкы ойду ача билүүсүнө, талапка карата текстти кеңири же кыскача баяндай алуусуна, чыгармачылык мүнөздөгү кошумча тапшырмаларды аткарыш деңгээлине коюлат. Баяндамада экинчи бааны окуучунун орфографиялык жана пунктуациялык сабатын эске алуу менен, жат жазуунун чен-өлчөмдөрү боюнча балоо зарыл. 9- классты аяктап жатканда жазуу түрүндөгү баяндамага байланыштуу тексттен үзүндү алынып, дил баяндын элементтери камтылган баяндама жаздырылат. Окуучулар берилген текстти кең ири же кыска баяндоо менен чыгармачылык тапшырманы аткаруусу зарыл. Баяндаманы жаздыруунун алдында киришүү аңгемеси өткөрүлөт. Анын максаты – текстти кабыл алууга даярдоо менен баяндама жазууга карата окуучулардын кызыгуусун пайда кылуу. Бул аңгемелешүүдө мугалим тексттин автору, окуя болуп өткөн тарыхый кырдаал тууралуу кыскача түшүнүк айтат. Айрым учурда тексттин темасы, идеясы, проблемалары, түшүнүксүз сөздөр, терминдер чечмеленет. Баяндаманы жазууда текст эки жолу окулат. Биринчи жолку окууда окуучулар тексттин мазмунун, негизги оюн түшүнүү менен теманы аныктап, микротемалардын ырааттуулугун эстеп калуулары керек. Окуучулар жумушчу дептерине айрымдарын жазуу менен план түзүүгө үлгүрүшү мүмкүн. Он беш минут өткөндөн кийин текст экинчи ирет окулат да андан соң баяндама жазыла баштайт. Текстти экинчи жолу уккандан кийин окуучулар өздөрүнүн пландарын иреттеп, айрым даталарды, фамилияларды тактaшат. Планда автордун стилин чагылдырган түйүндүү сөздөр, сөз айкаштары

берилет. Баяндама жазууда сөзсүз түрдө эле окуучулардын өз сөздөрү менен гана жазууну талап кылуу да зарыл эмес. Окуучунун тексттегидей эле баяндаганы оң. Татаал тексттерди угууда окуучулар үчүн кыйын деп эсептелинген айрым эпизоддорду белгилөө менен кыскача конспектилөөгө мүмкүндүк түзүлөт. Татаал деп эсептелинген аттарды, каармандардын фамилияларын, тарыхый окуялардын аталыштарын, географиялык аттарды мугалим доскага жазып коюусу зарыл. Баяндама жазууда ар кыл типтеги сөздүктөр менен пайдаланууга уруксат берилет. Текстти баяндоо менен бирге эле дилбаяндын элементтери катышкан чыгармачылык иштер да аткарылат. Сунуш кылынган ар кыл варианттагы тексттин ар биринин аяк жагында чыгармачылык багыттагы суроо-тапшырмалар орун алган. Алардын ичинен тандалып алынган тексттин суроо-тапшырмасын мугалим доскага жазып коёт. Чыгармачылык тапшырмаларды аткарууда окуучу текстке карата өзүнүн жекече ой жүгүртүүсүн 120-180 сөз көлөмүндө кошумчалоосу талап кылынат. Баяндаманы баалоодо мугалим төмөнкүлөрдү эске алууга тийиш: баяндаманын аткарылыш максатына, анын түрлөрүнө карата окуучунун ишти аткаруусу; окуучунун тексттин мазмунун түшүнүп кабылдоосу; тексттеги окуянын ырааттуу баяндалыш системасы; окуучунун план түзө билиши, ага жооп берүүсү; окуучунун жекече кеби менен тексттин кебинин ортосундагы байланышы жана андагы чыгармачылыгынын көрүнүшү: иштин грамматикалык жана стилистикалык жактан аткарылыш деңгээли, ой-туюмунун жыйынтыктуулугу. Баяндаманы баалоодо окуучулардын адабият сабагынан алган адабий-теориялык билим деңгээлдери, түшүнүктөрү, тексттин мазмунун өздөштүрө билүүсү, иштин мазмунунун темага жооп берүүсү, сөз байлыгын, сөз каражаттарын ыгы менен колдонуусу, башкы ойду ача билүүсү, талапка карата текстти кеңири же кыскача баяндай алуусу, чыгармачылык мүнөздөгү кошумча тапшырмаларды аткарыш деңгээли, орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык сабаттуулуктары бааланат. Баяндаманы баалоонун чен-өлчөмдөрү Баасы Мазмуну, сөз байлыгы жана тил каражаттары Сабаттуулугу «5» - тексттин мазмуну толук ачылып, окуучунун чыгармачылыгы абдан жакшы билинсе; баяндаманын мазмуну темага толук дал келсе; - фактылык каталары жок болсо; - берилген тексттин 75% сакталса; - иштин мазмуну ырааттуу, логикалуу баяндалса; - иш өзүнүн лексикалык сөз байлыгынын молдугу, сөздөрдү так, туура колдонсо; синтаксистик конструкциялардын ар түрдүүлүгү менен айырмаланса; - текст көркөмдүүлүгү жана стилдик - катасыз жазылса; - бир орфографиялык же бир пунктуациялык катадан ашпаса; - үчтөн ашык оңдоолор болбогон иштер. бирдиктүүлүгү жагынан айырмаланса; - мазмунунан бир гана так эместик кездешсе. «4» - иштин мазмуну негизинен темага дал келсе; - анча мааниге ээ эмес темадан четтөө болсо; - иштин мазмуну негизинен жеткиликтүү бирок айрым бир фактылык так эместиктер кездешсе; - берилген тексттин 70% камтылса; - ой жүгүртүүсүн айрым бир учурда ырааттуу эмес баяндаса; - кептин лексикалык

жана грамматикалык жактан курулушу жетишээрлик деңгээлде ар түрдүү болсо; - иштин стили бирдиктүүлүгү жана көркөмдүүлүгү жагынан айырмаланса; - мазмунунан 2 жана кептик жагынан 3-4 так эместиктер кездешсе. - каталардын жалпы саны төрттөн ашпаса; - эки орфографиялык, эки пунктуациялык же үч грамматикалыкката кетсе; - бир орфографиялык, үч пунктуациялык же үч грамматикалык ката кетсе; - төрт пунктуациялык, үч грамматикалык ката кетсе. – ү грамматикалык, эки орфографиялык ката кездешсе. «3» - темадан өтө көп четтөөлөр болсо; - иштин мазмуну негизинен жеткиликтүү бирок анда 3-4 фактылык каталар кездешсе; - иштин көлөмү берилген тексттин 70%инен азын түзсө; - ойду ырааттуу баяндоодон кемчиликтер кетсе; - лексикалык сөз байлыгы жарды, колдонгон синтаксистик конструкциялары бир түрдүү болсо; - сөздөрдү туура эмес колдонсо; - иштин стили бирдиктүү эмес, кептин көркөмдүүлүгү жетишсиз болсо; - иштин мазмунунан 4 так эместик жана 5 кептик кемчиликтер кетсе. - беш-жети пунктуациялык же бир орфографиялык, төрт-жети пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетсе; - эки орфографиялык, үч , алты пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетсе; - үч орфографиялык, беш пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетсе; - төрт орфографиялык, төрт пунктуациялык, төрт грамматикалык ката кетирилген иштер. «2» - иш берилген темага дал келбесе; - көптөгөн фактылык так эместиктер кездешип, баяндаманын көлөмү берилген тексттин 50% тинен кем болсо; -иштин бардык бөлүктөрүндө ойдун ырааттуулугу сакталбай, алардын ортосундагы байланыш бузулса; -баяндаманын тексти планга ылайык келбесе; - лексикасы өтө жарды, автордук образдуулуктар, кеп түрмөктөрү жокко эсе; - сөздөр туура эмес колдонулса; - иштин бөлүктөрүнүн ортосундагы байланыш жокко эсе; - иш бир типтүү, кыска сүйлөмдөр менен жазылса; - тексттин стилдик биримдиги бузулса; - ортосунда мазмуну ачылбай калган, сүйлөм курулуштары жана сүйлөм аралык байланышы абдан начар жазылган иштерге; - иштин мазмунунан 6 так эместик жана 7 кептик кемчиликтер кетирилсе. -жетиден ашык одоно орфографиялык ката кетирилсе; - сегизден ашык пунктуациялык ката кетирилсе; - бештен ашык грамматикалык каталар кетирилсе - «3» коюлуучу иштин чегинен ашкан иштер. «1» Мазмуну такыр туура эмес берилген же Каталардын саны «2» деген берилбей калган, кеби түшүнүксүз, ою иретсиз жазылган иштерге коюлат. баанын нормасынан ашып, жетиден ашык орфографиялык, пунктуациялык жана грамматикалык каталар кетирилсе. Эскертүү: Эгер, окуучу тестти аткарбаса, анда “0” балл коюлат. Жыйынтык бааны чыгаруу. Ар бир чейректин жана окуу жылынын акырында жыйынтык баа коюлат. Ал баарыга бирдей жана кыргыз тили боюнча окуучунун даярдыгынын бардык жактарын жалпылаштырылган түрдө: теориялык материалды өздөштүргөндүгүн, ыкмаларга, кептик өнүгүүлөргө ээ болгондугун, орфографиялык жана пунктуациялык сабаттуулугунун деңгээлин чагылдырып турат.

Жыйынтык баа механикалык түрдө чыгарылбастан, окуучунун чыныгы билимдеринин фактылык көрсөткүчтөрүнүн негизинде коюлушу керек. Ал буга чейинки окуучунун күнүмдү жетишкендиктерин эске алуу менен жыйынтыкталат. Жыйынтык бааны коюуда окуучунун кептик, орфографиялык, пунктуациялык ыкмаларга ээ болуу деңгээлине басым жасалат.Эгер, окуучу жазуу иштеринен буга чейин начар болсо, сабаттуулугу боюнча жыйынтык баа да начар болушу мүмкүн. 9-класстарда дил баян жазууда мазмунунун баасы адабият сабагына, ал эми, сабаттуулугунун баасы кыргыз тили сабагынын журналына коюлат.Дил баян, жат жазуу, баяндамаларынын баасы журналга кайсы күнү жаздырылса, ошол күнгө так коюлуусу талап кылынат.

**География сабагында окуучулардын жетишкендиктерин баалоо**

География боюнча Предметтик стандартта окуучулардын предметтик компетенцияларынын калыптандыруу деңгээлин баалоо диагностикалык, формативдик (калыптандыруучу) жана суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоонун түрлөрүн айкалыштырып, пайдалануу аркылуу төмөндөгү үч деңгээлдин репродуктивдүү,продуктивдүү, чыгармачыл деңгээлдин негизинде жүргүзүү каралган. Репродуктивдүү 1- деңгээлде окуучулар окуу иш аракеттерин үлгүнүн, продуктивдүү 2-деңгээлде окуучулар окуу иш-аракеттерди тааныш эмес кырдаалда ал эми чыгармачылык 3-деңгээлде окуу иш аракеттерин өз алдынча аткарат. Үч деңгээлди өздөштүрүү, ереже катары окуу процессинде проблемалуу кырдаалдарды түзүү менен жана ошол проблемаларды чечүүгө окуучуларды өз алдынча иштөөгө тартуу менен байланыштуу. Окуучулардын компетенттүүлүгүн деңгээлин аныктоодо төмөндөгү жалпы критерийлерди (белгилерди) эске алуу окуу процессинин сапатын жакшыртууга мүмкүнчүлүктөрдү түзөт: билгичтиктердин жана көндүмдөрдүн колдонуу аймагын билет, географиялык билимдердин булактарынын (карта, атлас, окуу китебинин тескти ж.б.) өзгөчөлүктөрүн түшүнөт; аткарылуучу иш аракеттин мазмунун жана ырааттуулугун планын билет; иш аракеттерди практика жүзүндө тааныш жана тааныш эмес окуу кырдаалда колдоно алат. Төмөндө ар бир класс боюнча баалоонун үлгүлөрүнсунуштайбыз:

**6-класс**

Күтүлүүчү натыйжа: Жаратылышты туруктуу пайдалануу көз карашынан Жердин геосфераларынын жалпы сыпаттамасын түзөт. Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет: Репродуктивдүү I деңгээл Продуктивдүү II деңгээл Чыгармачыл (креативдүү) III деңгээл Жердин геосфераларын атап жана түшүндүрүп берет Жердин геосфераларын сыпаттоонун планын сунуштайт. Географиялык маалымат

булактарынын негизинде өз алдынча сыпаттайт, салыштырат жана корутундуларды чыгарат.

**7- класс Күтүлүүчү натыйжа**:

**Материктер менен океандардын жаратылышынын**

**мүнөздөмөлөрүн биоартүрдүүлүктү Туруктуу өнүктүрүү көз карашынан түзөт.**
Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет:

Репродуктивдүү I деңгээл Продуктивдүү II деңгээл

Чыгармачыл (креативдүү) III деңгээл

Материктер менен океандардын жаратылышынын

Материктер менен океандардын жаратылышынын Туруктуу

Материктер менен океандардын Туруктуу өнүгүүсүнүн маселелерин

**8- класс**

Күтүлүүчү натыйжа: Кыргызстандын жаратылыш-территориялык комплекстерин Туруктуу өнүгүүнүн көз карашынан сыпаттоого алат. Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет: Репродуктивдүү

I деңгээл Продуктивдүү

II деңгээл Чыгармачыл (креативдүү)

III деңгээл Кыргыз Республикасынын жаратылышынын жана жаратылыштерриториялык комплекстеринин

Туруктуу өнүгүүсүнүн маңызын түшүндүрөт Кыргыз Республикасынын жаратылышынын жана жаратылыштерриториялык комплекстеринин Туруктуу өнүгүүсүнүн негизги багыттарын бөлүп көрсөтөт Кыргыз Республикасынын жаратылыш-территориялык комплекстеринин жаратылышына өз алдынча баа берет жана корутундуларды чыгарат

**9- класс**

Күтүлүүчү натыйжа: Кыргызстандын экологиялык проблемаларын чечүү боюнча ишаракеттердин болжолдуу планын түзөт. Окуучулар бул натыйжага төмөнкү учурларда жетет:

Репродуктивдүү I деңгээл

Продуктивдүү II деңгээл

Чыгармачыл (креативдүү) III деңгээл

Кыргыз Республикасынын экологиялык проблемалары тууралуу маалыматтарды таап,жыйнайт.

Кыргыз Республикасындагы экологиялык кырдаалды талдого алат жана салыштырат.

Кыргыз Республикасындагы экологиялык кырдаалды чечүү жолдорун, өнүгүүперспективаларын өз алдынча сунуштайт

Диагностикалык баалоо окутуу процессинин бардык этаптарында окуучулардын алгачкы компетенттүүлүктөрдүн калыптануу деңгээлин аныктоо максатында колдонуу мүмкүн. Анын жыйынтыктарын мугалим өзүнүн китепчесинде жазып койсо болот. Диагностикалык баалоонун максаты:

• окуп-үйрөнүүнүн жекелештирүү мамилесин камсыз кылуу;

• окуу процессинде окуучулардын жуптарда же топтордо иштөө ыкмаларын аныктоо; • окуучулардын окуп жаткан темалар боюнча муктаждыктарын жана кызыгууларын аныктоо.

Диагностикалык (аныктоочу) баалоо – окуучунун компетенцияларынын калыптангандыгынын баштапкы деңгээлин аныктоо. Диагностикалык баалоо, адатта, окуу жылынын башында же теманы, бөлүмдү, главаны окуп-үйрөнүүнүн башталышындагы биринчи сабакта жүргүзүлөт. Диагностикалык баалоодо төмөндөгүдөй методдор, каражаттар, ишмердүүлүктөр аткарылат: Методдору Каражаттары Ишмердүүлүктүн түрлөрү Байкоо (мугалим окуучулардын иш аракетине байкоо салат). Байкоо баракчалары (окутуунун күтүлүүчү натыйжалары берилген таблица) Окуучулардын окуу ишине байкоо жүргүзүү, критерийдин негизинде күтүлүүчү натыйжаларды белгилөө Маектешүү (оозеки суроо) Маектешүүнүн класс, жеке же топ үчүн максаты жазылган барак

**Формативдик (калыптандыруучу) баалоо** –окуучунун окуп-үйрөнүүсүнө максаттуу үзгүлтүксүз байкоо жүргүзүү процесси. Формативдик баалоонун максаты –окуу процессинде мугалимдин жана окуучулардын ишмердигине түзөтүү киргизүү. Формативдик баалоо мугалимге окуучулардын окуп-үйрөнүү максаттарына карата илгерилөө процессинин алгачкы этаптарында көзөмөлдүк жүргүзүүгө мүмкүндүк түзүп, ага окуу процессине түзөтүүлөр киргизүүгө мүмкүндүк түзөт. Формативдик баалоодо адатта баа коюлбайт жана баалоонун критерийлеринин негизинде жүргүзүлүп, кайтарым байланыштын болушун талап кылат.Кайтарым байланыш – окуп-үйрөнүүнүн максаттарына ийгиликтүү жетүүнү камсыз кылуучу конкреттүү иш аракеттер (окуу кырдаалдары, комментарийлер жана сунуштарды билдирүү). Кайтарым байланыш жазуу жана оозеки түрүндө болушу мүмкүн. Жазуу жүзүндөгү кайтарым байланыш – окуучуларга кыйла маанилүү жана түшүнүктүү болушу керек.

Алар (окуучулар) өз иштерине карата мугалимдин комментарийин уга билип, анын айткан сунуштарын пайдалануу менен аларды жакшыртышы керек. Мугалим кайтарым байланыш берип жатканда окуучунун дептерине пикирин жазат, ар түрдүү жылдызчаларды, түстөрдү колдонот. Мисалы, жашыл түс менен жакшы аткарылган иштерди белгилейт (жылдызчалар, ар кандай түстөгү пасталар же маркерлер менен ката кетирилген жерлерди белгилеп, дептердин четине ишти жакшыртуу үчүн конкреттүү кеңештерин, сунуштарын жазат). Иштерди кайрадан иштөөгө кайтарып берген учурда, мугалим окуучуларга кайтадан оңдолгон ишти тапшыруунун мөөнөтүн так аныктайт. Суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо - теманы, бөлүмдү белгилүү мезгил ичинде окуп-үйрөнүүнү аяктоодо, компетенттүүлүктөрдүн калыптангандыгынын деңгээлин аныктоого багытталган. Суммативдик баалоо ар түрдүү текшерүү иштеринин түрлөрүн (тест, контролдук иш, лабораториялык иш, изилдөө иши, дил баян, эссе, долбоор, оозеки презентация ж.б.) аткаруунун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп саналат.

**Суммативдик (жыйынтыктоочу) баалоо** - теманы, бөлүмдү белгилүү мезгил ичинде окуп- үйрөнүүнү аяктоодо, компетенттүүлүктөрдүн калыптангандыгынын деңгээлин аныктоого багытталган. Суммативдик баалоо ар түрдүү текшерүү иштеринин түрлөрүн (тест, контролдук иш, лабораториялык иш, изилдөө иши, дил баян, эссе, долбоор, оозеки презентация ж.б.) аткаруунун натыйжалары боюнча жүргүзүлөт. Текшерүү иштерине коюлган баалар жыйынтыктоочу бааларды аныктоо үчүн негиз болуп саналат. Суммативдик баалоонун максаты - окуучулардын белгилүү мезгилдин аралыгында билимди өздөштүрүүнүн жана билгичтиктер менен компетенттүүлүктүн (камылгалуулуктун) калыптангандыгынын деңгээлин аныктоо жана алынган натыйжалардын стандарттын талаптарына шайкештигин аныктоо. Окуучулар окуу ишмердигинин процессинде сапаттуу натыйжаларга жетишүүсү үчүн учурдагы баалоо төмөндөгүдөй болушу керек: Билим берүү процессинин бардык катышуучуларына түшүнүктүү;

Ийкемдүү;

Ченеп-өлчөөчү көп каражаттуу;

Психологиялык жактан ыңгайлуу;

Көп курамдуу.

Окуучулардын окуу жетишкендиктерин баалоодо белги (баа) төмөндөгү критерийлердин

негизинде коюлат.

**«5» белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу программасынын материалынын маңызын, окулуп жаткан түшүнүктөрдү, кубулуштарды, теорияларды, мыйзам ченемдүүлүктөрдү , өз ара байланыштарды өз алдынча ачып көрсөтө алат;

2. Негизги жоболорду бөлүп көрсөтө алат жана аларды өз алдынча конкреттүү мисалдар жана фактылар менен тастыкай алат;

3.Өз алдынча жана аргументтүү талдоо, жалпылоо жана жыйынтыктоо чыгара алат;

4.Алган билимдерди тааныш эмес кырдаалда колдоно алат;

5. Окуу материалын так, байланыштуу, негиздүү, логикалык ырааттулукта жана катасыз айтып бере алат;

6.Негизги түшүнүктөрдү, мыйзамдарды, теорияларды так баяндап берет жана жеке өзүнүн бүтүмүн чыгарат;

7. Тажрыйбалардын жана байкоолордун жыйынтыктарын чыгаруу үчүн өз алдынча билим булактарын, көрсөтмө куралдарды, маалымдоо маалыматтарын, окуу китебин жана башка кошумча адабияттарды өз алдынча колдоно алат;

8. Чиймелер, сүрөттөр, приборлор менен өз алдынча иштей алат;

9. Географиялык картадан географиялык номенклатураны таба алат.

**"4" белгиси (баа) коюлат.** Эгер окуучу:

1. Окуу материалы тууралуу айтып берип жатканда кээ бир каталарды

2. Түшүнүктөрдүн жана аныктамалдардын мазмунун ачып көрсөтүүдө толук эмес жооп айтат жана илимий терминдерди, жыйынтыктарды, бүтүмдөрдү чыгарууда кээ бир каталарды кетирет;

3. Окуу материалын логикалык ырааттуулукта айтып берет, бирок өз алдынча оңдой ала турган анча орой эмес бир ката кетирет.

4. Жообун конкреттүү мисалдар менен толуктайт.

5. Окуп жаткан окуу материалындагы негизги жоболорду өз алдынча бөлүп алат жана фактылардын, мисалдардын негизинде жалпылайт, бүтүм чыгарат;

6. Негизги географиялык өз ара байланыштардын маңызын ачып көрсөтөт;

7. Географиялык номенклатураны билет жана географиялык карта менен иштөөдө анча орой эмес каталарды кетирет.

**"3" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалынын мазмунун ачып көрсөтөт, окуу программасын андан ары өздөштүрүүгө тоскоол болбогон кээ бир каталарды кетирет;

2. Окуу материалын баш аламан, фрагмент менен жана кээ бир учурларда ырааттуулугу бузулуу менен берилет;

3. Жыйынтыктоодо, бүтүм чыгарууда аргументтүү жооп бере албайт жана кээ бир каталарды кетирет.

4. Илимий терминдерди, түшүнүктөрдү пайдаланууда каталарды жана так эмес маалыматтарды берет;

5. Жалпылоолордо жана жыйынтыктоодо байкоолордун же тажрыйбалардын натыйжаларын колдоно албайт, каталарды кетирет;

6. Теориялардын жана мыйзамдардын негизинде кубулуштарды түшүндүрүүдө кыйналат;

7. Окуу китебинин текстин айтып бере алат, бирок текстин мазмунун толугу менен түшүнбөйт одоно бир-эки ката кетирет.

8. Географиялык карта менен иштөө көндүмү жок жана географиялык номенклатураны начар билет.

**"2" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:**

1. Окуу материалынын негизги мазмунун ачып бере албайт

2. Жалпылап, бүтүм чыгара албайт.

3. Окуу материалынын көпчүлүк бөлүгүн билбейт жана түшүнбөйт;

4.Белгилүү үлгүнүн негизинде суроолорду жана тапшырмаларды аткара албайт;

5. Бир суроого жооп берип жатканда мугалимдин жардамы менен оңдоого мүмкүн болбогон одоно каталарды кетирет.

1. 6. Географиялык карталарды пайдаланууда одоно каталарды кетирет

2. 7. Географиялык номенклатураны билбейт.

3. "1" белгиси (баа) коюлат. Эгер окуучу:

4. 1. Берилген суролорго жооп бере албайт;

2. Окуу материалын толугу менен билбейт.

**Практикалык жана өз алдынча иштерди баалоо**

**«5» белгиси (баа)**

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган (зарыл болгон адабияттарды иргеп алуу, ишти аткаруунун кадамдары ж.б.).

2. Иш таза аткарылган (презентабелдүү).

**«4» белгиси (баа)**

1. Практикалык жана өз алдынча иштер толугу менен өз алдынча аткарылган .

2. Ишти аткаруунун сунушталган кадамдарында жана ишти жасалгоолодо алынуучу натыйжалардын тууралыгын таасир бербеген одоно эмес каталар кетет.

**«3» белгиси (баа)**

1. Практикалык иш жана аны жасалгалоо мугалимдин жардамы менен аткарылган.

2. Иш толугу менен аткарылбагандыктан кошумча окуу убактысын талап кылат же аны аткаруу үчүн үйдөн аткарып келүүгө тапшырма берилет.

3. Географиялык приборлор, статистикалык маалыматтар жана картанын атласы менен иштегенде кыйналат.

**«2» белгиси (баа)**

1. Практикалык же өз алдынча ишти аткарууга даяр эмес.

2. Аткарылган иштин жыйынтыктарынын негизинде туура бүтүмдөрдү чыгарууга мүмкүндүк бербейт жана алдыга коюлган окуу максаттары менен дал келбейт.

**Контур картаны баалоо.**

**«5» белгиси (баа)**

1. Контур карта таза жана туура толтурулган

2. . 2. Географиялык объектилердин жайгашкан орду туура көрсөтүлгөн.

3. 3. Контур карта текшерүүгө өз убагында берилген.

**«4» белгиси (баа)**

1. Контур карта таза жана туура толтурулган.

2. Географиялык объектилердин жайгашкан ордун көрсөтүүдө 2-3 одоно эмес ката

көрсөтүлгөн.

**«3» белгиси (баа)**

1.Контур картада кээ бир одоно каталар бар, бирок географиялык объектилердин алган орду туура берилген.

**«2» белгиси (баа)**

1.Контур карта туура эмес толтурулган

2. Аткарылган эмес.

**Аскерге чейинки даярдоо сабагы боюнча баалоо критерийлери**

Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо "Кыргыз Республикасынын жарандарынын жалпыга бирдей аскердик милдети жөнүндө, аскердик жана альтернативдик кызматтар жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамына жана башка ченемдик укуктук актыларга ылайык уюштурулуучу жана өткөрүлүүчү жарандарды аскердик кызматка даярдоо тутумунун курамдык бөлүгү болуп эсептелет жана аскер ишинин негиздерине окутуунун жана адамдын жашоо турмушунун коопсуздугун камсыздоонун милдеттүү сабактары болуп эсептелип, менчигинин түрүнө жана ведомстволук баш ийүүсүнө карабастан жалпы билим берүүчү уюмдарда, башталгыч жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында (мындан ары – билим берүүчү уюмдар) уюштурулат. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо окуучуларды аскердик иш, жарандык коргонуу жаатында керектүү билимге жана практикалык көндүмдөргө окутуу, өзгөчө кырдаалдарда адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздерин өздөштүрүү максатында жүргүзүлөт. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактардын жүрүшүндө окуучулар аскердик милдеттүүлүк жөнүндө Кыргыз Республикасынын колдонуудагы мыйзамдарынын ченемдерин, аскердик кызматтын дайындалышын, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскер антынын жана жалпы аскердик уставдарынын талаптарын, Куралдуу Күчтөрдүн жана башка аскердик түзүлүштөрдүн дайындалышын жана түзүлүшүн өздөштүрүшөт.' Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо 10-11-класстарда, баштапкы жана орто кесиптик билим берүү уюмдарында окутуунун биринчи жана экинчи курстарында жаштарда мекенчилдик сезимди, жогорку моралдык- психологиялык сапаттарды, аскердик кызматты сүйүүнү, Кыргыз Республикасынын Куралдуу Күчтөрүнүн аскер антынын жана жалпы аскердик уставдарынын талаптарын аткарууга карата жеке жоопкерчиликти тарбиялоо максатында жүргүзүлөт. Билим берүүчү уюмдарда, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоого окуу жылында 68

сааттан кем эмес бөлүнөт. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча сабактар сабактардын жалпы ырааттамасына киргизилип, класстар жана окуу топтору боюнча

жүргүзүлөт.

**Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо окутуунун төмөнкү бөлүмдөрүн**

**камтыйт: .** жалпы дене тарбиялык даярдоо;

• ок атуу даярдыгы;

• адамдын жашоо турмушунун коопсуздугунун негиздери;

• жарандык коргонуу;

• аскер ишинин негиздери;

• аскердик кызматтын негиздери;

• медициналык билимдердин негиздери;

• комплекстүү сабактар. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо теориялык,

практикалык, комплекстүү жана текшерүү сабактарында жүргүзүлөт. Окуу процессин пландоо жана уюштуруу төмөндөгүлөрдү камтыйт:

• жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону өтүүнүн жумалар боюнча планын иштеп чыгууну;

• окутуунун башталышы, взвод жана бөлүмчө командирлерин дайындоо жөнүндө буйрукту;

• аскердик-мекенчилдик иштер боюнча жана окуу-материалдык базаны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууну;

• жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) жеке иш планын. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоону өтүүнүн жумалар боюнча планын иштеп чыгуу үчүн билим берүү уюмунун жетекчиси окуучуларды окуу-талаа жыйындарына тартуунун, ок атуу көнүгүүлөрүн аткаруунун, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчилери (окутуучулары) менен өтүлүүчү сабактардын жана алардын окуу- методикалык жыйындарга тартылуусунун, окуу программасынын тиешелүү темаларын өтүүнүн убактысын билиши керек. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жумалар боюнча планы 10-11-класстар үчүн өзүнчө бир жылга, баштапкы жана орто кесиптик билим берүүнүн билим берүү уюмдарында окутуунун биринчи жана экинчи курстарын иштелип чыгат. Сабактарды уюшкандыкта өткөрүүнү, окуучуларга аскердик уставдардын талаптарын аткарууну адат кылууну камсыз кылуу максатында, билим

берүү уюмунда взвод жана бөлүмчө командирлерин дайындоо боюнча буйрук чыгарылат. Аскердик-мекенчилдик иштер боюнча жана окуу-материалдык базаны өркүндөтүү боюнча сунуштарды иштеп чыгууда, билим берүү уюмунун жылдык иш планына киргизүү үчүн, педагогикалык жамааттын баарын жана окуучуларды тартуу менен бирге ишке ашырылуучу, предмет боюнча окутуунун жана тарбиялоонун жогорку деңгээлин камсыз кылуучу негизги ишчаралар аныкталат. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) жеке иш планы бир жылга түзүлөт. Иш планга квалификацияны жогорулатуу боюнча өз алдынча иштөөнүн иш-чаралары, ошондой эле уюштуруучулук жана башка иш-чаралар киргизилет. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окуу процессинин негизги формасы болуп, Программанын талаптарына ылайык уюштурулуучу жана өткөрүлүүчү сабак эсептелет. Билим берүү уюмунун жетекчиси ар бир сабактын даярдалышына түздөнтүз катышат. Анткени сабактын планын (план конспектти) бекитүү анын милдети болуп эсептелет.

**Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) сабакка даярдануусуна төмөндөгүдөй сунуштар берилет:**

• окутуунун суроолору боюнча окуу материалынын мазмунун жана көлөмүн, окутуунун максаттарын жана анын тарбиялык багытын аныктоо;

• окуучуларга буга чейин эмнелер белгилүү экенин, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун мурунку сабактарынан жана башка сабактардан алар кандай билим жана көндүмдөрдү ала алышканын тактоо;

• сабактын усулдарын жана аны өткөрүү тартибин аныктоо;

• сабакта кандай техникалык каражаттарды, үйрөтүүчү куралды, аскер мүлктөрүн жана жабдыктарын колдонууну аныктоо;

• уставдардын жана нускамалардын тиешелүү беренелерин, окуу китебинин жана усулдук колдонмолордун бөлүмдөрүн, ушул тема боюнча башка адабияттарды окуп-үйрөнүү;

• теманы тереңдеп окуп-үйрөнүү үчүн окуучуларга сунушталуучу адабияттарды тандоо;

• ыкмаларды жана кыймыл аракеттерди аткаруу боюнча машыгуу жана көнүгүү;

• үйдө аткарылуучу өз алдынча иш үчүн тапшырманы аныктоо. Сабак даярдоочу, негизги жана жыйынтыктоочу бөлүктөрдөн турат. Сабактын даярдоочу бөлүгү окуучуларды алдыда боло турган сабактарга уюштуруучулук, психологиялык жана физиологиялык жактан даярдоого жана көңүл бурдурууга, ошондой эле иш аткарууга керектүү шарттарды түзүүгө багытталат. Адатта сабактын даярдоочу

бөлүгү өзүнө төмөндөгүлөрдү камтыйт: окуучуларды сапка тизүүнү жана жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисине (окутуучусуна) взводдун командиринин билдирүүсүн, сырткы көрүнүштү карап-текшерүүнү, алдыдагы иштердин мүнөзүнө жараша окуучунун организмин жогору татаалдыктагы дене тарбиялык ишти жасоого даярдаган жалпы даярдык көнүгүүлөрүнүн комплексин аткарууну. Сабактын негизги бөлүгүндө ар кандай усулдарды - билимдерди берүү усулдарын, практикалык жактан аткаруу усулдарын, каталардын алдын алуу жана оңдоо усулдарын, окутуп-үйрөтүүнү жыйынтыктоо усулдарын колдонуу менен предметтин программасынын мазмунун өздөштүрүү орун алат. Көбүнчө билимдерди берүүнүн баарлашуу, түшүндүрүү, айтып берүү, көрсөтүп берүү, ошондой эле көнүгүүлөрдү практикалык жана өз алдынча аткаруу өңдүү формалары колдонулат. Баарлашуу - бул суроо-жооп түрүндөгү окутуп- үйрөтүү усулу. Көрсөтүп берүү - бул, алардын жардамы менен окуучуларда өздөштүрүлүп жаткан предмет боюнча көрүнүктүү (наглядный) элес калтыруучу, куралдын, аспаптардын ж.б. түзүлүшү жөнүндө конкреттүү түшүнүк, калыптандыруучу ыкмалардын жана аракеттердин жыйындысы. Көнүгүү - бул билимди бекемдөөнүн, билгичтик жана көндүмдөрдү өркүндөтүүнүн негизги усулу. Сабактарды уюштуруунун негизги өзгөчөлүгү, ар бир сабактын мекенчилдикке, Ата-Мекенди коргоого, жалпы аскердик уставдардын талаптарын аткарууга жана келечекте Куралдуу Күчтөрдө кызмат кылууга даяр болууга тарбия берүү маселелерине баш ийдирилишинде турат. Сабактын жыйынтыктоочу бөлүгүнд сабакты талдоо жүргүзүлүп, эң мыкты жооптор жана аракеттер белгиленет, бааларжарыяланат, өз алдынча даярданууга тапшырма берилет жана сабак өтүлгөн орун иретке келтирилет. Сабактарда дайыма уюшкандык жана тартип сакталышы керек. Окуучуга жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучу) кайрылганда, ал столдун жанына тез ордунан турат, “ТҮЗ ТУР” абалын кабыл алат жана өзүнүн ким экенин тааныштырат, мисалы: “окуучу Асанов”. Эгерде жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучу) окуучуга анын фамилиясы боюнча кайрылса, окуучу - “Мен" деп жооп берет. Отурууга уруксат алган соң, окуучу “Жарайт” деп жооп берет жана тез ордуна отурат. Окуучу жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисине (окутуучуга) кайрылганда адегенде колун көтөрөт, уруксат берилгенден кийин ордунан туруп, “ТҮЗ ТУР” абалын кабыл алат жана өзүнүн ким экенин тааныштырып, анан суроосун берет. Тактага /аспаптын жанына ж. б./ чакырылганда окуучулар Саптык уставдын талаптарын аткаруусу керек. Жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчиси (окутуучу) окуучуларга “Сиз” деп гана кайрылат. Окуучулардан бул эрежелерди аткарууну класстан тышкаркы иш-чараларды, ошондой эле окуу-талаа жыйындарын өткөрүүдө да талап кылуу сунуш кылынат. Теориялык сабактар дидактикалык материалдарды жана окутуунун

техникалык каражаттарын колдонуу менен көбүнчө айтып берүү, баарлашуу формасында жүргүзүлөт. Мындай сабактарда түшүнүктөр, аныктамалар, сабактын темасынын негизги жоболору каралат, ар кандай адабият булактары, уставдардын, насааттардын колдонмолордун талаптары талданат жана өздөштүрүлгөн билимди башка сабактарда, аскердик кызматты өтөөдө кандай колдонуу керектиги боюнча кеңеш, сунуштар берилет. Практикалык сабактар ыкмаларды, аракеттерди жана нормативдерди аткаруунун техникасын үйрөнүүнү жана бекемдөөнү, куралды, жабдыктарды, инженердик куралдарды жана жеке коргонуу каражаттарын, керек-жарактарды жана курулмаларды колдонуу менен ок атуу жана башка тапшырмаларды чечүүнү камтыйт. Комплекстүү сабактар программанын бир нече же жалпы бардык бөлүмдөрү боюнча ыкмаларды, аракеттерди, нормативдерди, тапшырмаларды же алардын комбинацияларын аткарууну, өзгөчө жана экстремалдык кырдаалда аракет кылуу чечимдерин камтыйт. Алар жогорку дене тарбиялык жүктү артууга (нагрузка) талап кылган шарттардагы билгичтикти жана көндүмдөрдү, практикалык аракеттерди, тапкычтыкка жана демилгелүүлүккө жетишүүнү, моралдык жана психологиялык туруктуулукту бекемдөө жана өркүндөтүү максатында жүргүзүлөт. Комплекстүү сабактарга милдеттүү түрдө дене тарбиялык көнүгүүлөр, жарандык коргонуу жана аскер ишинин негиздери боюнча аракеттер киргизилет. Бул сабактардаокуучулар тарабынан аскердик кызматтын негиздери боюнча теориялык жана практикалык сабактарда өздөштүрүлгөн саптык ыкмаларды, аскер наамы улуктарга аскер кызматчыларынын кайрылуу эрежелерин жана буйрутманы берүү менен кабыл алуудагы аракеттерди аткаруу сунуш кылынат. Комплекстүү сабактардын узактыгы 10 саатка чейин. Окуу-талаа жыйындарында окуучулардын билимин жана практикалык көндүмдөрүн аныктоо максатында, бааларды коюу менен текшерүү сабактары жүргүзүлөт. Уландар менен окуу- талаа жыйындары өткөрүлүп жаткан мезгилде, кыздар медициналык дарылоо мекемелеринде практикадан өтүшөт. Текшерүү сабактары (окуу-талаа жыйындары) жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоодон өтүп жаткан уландар арасында, эреже катары, райондук (шаардык) администрациянын чечими менен түзүлгөн комиссия тарабынан жүргүзүлөт. Текшерүү сабактарында окуучулар, райондук (шаардык) администрациянын чечими менен түзүлгөн комиссия аныктаган нормативдерди, көнүгүүлөрдү, тапшырмаларды аткарышат. Жалпы дене тарбиялык даярдоо боюнча - бирдиктүү тоскоолдуктар тилкесинен өтүү,кармашып урушуу ыкмалары. Ок атуу даярдыгы боюнча - автоматтан баштапкы үйрөнүү ок атуу көнүгүүсүн аткаруу жана пневматикалык мылтыктан ок атуу. Жарандык коргонуу боюнча - жеке коргонуу каражаттарын жана жалпы аскердик коргоочу комплектини кийүү боюнча нормативдерди аткаруу. Жарымжартылай санитардык тазалоо. Аскер ишинин негиздери жана аскердик кызматтын негиздери боюнча - согушта жана чалгындоодо аракет кылуу. Окопту казып орнотуу, жабдуу тартиби. Жөө аскерлерге

жана танкаларга каршы миналарды орнотуу. Курал менен аткарылуучу саптык ыкмалар. Жеке баа көрсөтүлгөн бөлүмдөр боюнча окуучунун текшерүү сабактарындагы ар бир нормативди (көнүгүүнү, тапшырманы) аткарууда алган бааларын кошуу менен төмөндөгүдөй аныкталат: “Эң жакшы”, эгерде текшерүү жүргүзүлгөн нормативдердин (көнүгүүнүн, тапшырманын) 50% дан кем эмеси “эң жакшыга” аткарылса, ал эми калгандары - “жакшы” деген баа болсо; “Жакшы”, текшерүү жүргүзүлгөн нормативдердин (көнүгүүнүн, тапшырманын) 50% дан кем эмеси “эң жакшы” жана “жакшыга” аткарылса, ал эми калгандары - “канааттандырарлык” деген баадан төмөн болбосо; “Канааттандырарлык”, эгерде текшерүү жүргүзүлгөн нормативдердин (көнүгүүнүн, тапшырманын) биринен “канааттандырарлык эмес” деген баа алса. “Канааттандырарлык эмес” - эки же андан көп “канааттандырарлык эмес” деген баа алса. Жалпы баа окуу жылы (курсу) жана окуу-талаа жыйындары үчүн төмөндөгүдөй коюлат: “Эң жакшы”, эгерде жалпы дене тарбиялык, ок атуу даярдыктары жана жарандык коргонуу боюнча баалар - “эң жакшы”, ал эми аскер ишинин негиздери жана аскердик кызматтын негиздери боюнча - “жакшы” деген баадан төмөн болбосо. “Жакшы”, эгерде жалпы дене тарбиялык, ок атуу даярдыктары жана жарандык коргонуу боюнча баалар - “жакшыдан” төмөн болбой, ал эми аскер ишинин негиздери жана аскердик кызматтын негиздери боюнча - “канааттандырарлык” деген баадан төмөн болбосо. “Канааттандырарлык”, эгерде жалпы дене тарбиялык даярдоодон жана жарандык коргонуудан башка бир бөлүмдөн көп эмес “канааттандырарлык эмес” баа болсо. “Канааттандырарлык эмес”, эгерде үч бөлүм боюнча (аскер ишинин негиздери, аскердик кызматтын негиздери жана ок атуу даярдыгы), же жалпы дене тарбиялык даярдоодон, же жарандык коргонуу, же медициналык билимдердин негиздери боюнча “канааттандырарлык эмес” деген баа болсо. Теориялык сабактардын жүрүшүндө алынган аскердик билимдерди жана көндүмдөрдү бекемдөө үчүн жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча окутуунун аяктоо этабында окуучулар менен жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоого бөлүнгөн убакыттын эсебинен окуу-талаа машыгууларын (жыйындарды) өткөрүү үчүн окуу-материалдык базасы бар жакынкы жайгашкан аскердик бөлүктөрдүн (мекемелердин) же билим берүүчү уюмдардын базасында үч күндүк окуу-талаа машыгуулары (жыйындар) өткөрүлөт. Окуу-талаа жыйындары үчүн коюлган баа, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоо боюнча жыйынтыктоочу баа болуп эсептелет. Автоматтан окуу-үйрөнүү ок атуу көнүгүсүн аткаруу, окутуунун аяктоо этабында, окуучулардын куралдардан ок атуунун ыкмаларын жана эрежелеринөздөштүргөндүгүн текшерүү максатында жүргүзүлөт. Автоматтан окуу-үйрөнүү ок атуу көнүгүүсүн аткарууга, жаштарды аскерге чакырууга чейинки даярдоонун жетекчисинин (окутуучунун) баасы боюнча ок атууга камданууну, ийинге алууну, мээлөөнү, атууну жүргүзүүнү жана токтотууну ишенимдүү

өздөштүргөн, коопсуздук эрежелерин сактаган, көнүгүүнү аткаруунун шарттарын жана тартибин билген окуучуларга уруксат берилет. Автоматтан күжүрмөн октор менен ок атууларды жүргүзүү, аталган максатка ылайыкталып жабдылган ок атуу жайларында жана тирлерде, гарнизондун башчысы (аскер бөлүгүнүн командири, аскердик окуу жайдын башчысы) жана билим берүү бөлүмдөрү менен макулдашылып, аскер комиссариаттардын планы боюнча уюштурулат. Ок атууларды уюштуруу жана жүргүзүү тартиби Ок атуу куралдарынан ок атуунун курсунда аныкталган. Көнүгүүлөрдү аткарардын алдында ок атуулардын жетекчиси окуп- үйрөнүүчүлөрдүн коопсуздук эрежелерин, автоматтын материалдык бөлүктөрүн, ордунан кыймылсыз жана пайда болуучу буталарды атуу ыкмаларын жана эрежелерин билишин текшерет. Материалдык бөлүктөрдү өздөштүрбөгөн, ок атуу ыкмаларына ээ болбогон, коопсуздук эрежелерин жана ок атуу көнүгүүлөрүнүн шарттарын билбеген окуп-үйрөнүүчүлөрдүн автоматтан күжүрмөн октор менен болгон атууларга катышуусуна уруксат берилбейт. Сабактарды жогорку уюшкандыкта өткөрүүнү жана окуучуларга аскердик уставдардын талаптарын аткарууну адат кылууну камсыз кылуу максатында, билим берүү уюмунда анын жетекчисинин буйругу менен топтор жана бөлүмчөлөр түзүлөт. Окуп-үйрөнүүчүлөр ичинен окуу топторунун жана бөлүмчөлөрдүн командирлери дайындалат. Окуп-үйрөнүүчүлөр сабактарга даярданып жана билим берүү уюмунда белгиленген формада кийинип келиши керек, чачы тыкан тегизделген, таралган болушу керек. Куралдуу Күчтөрдүн аскер кызматчыларынын кийим формасы жана айырмалоо белгилери (знаки различия) сыяктуу же аларга окшош кийим формасын жана айырмалоо белгилерин кийип жана тагынып жүрүүгө уруксат берилейт.

## Башталгыч класстын окуучулардын жетишкендиктерин баалоо.

**Баа-** бул окуучулардын окуудагы жетишкендиктеринин санарип, тамга же башка түрдөгү шарттуу белгилер, сандар түрүндө билдирилиши. Мугалим өз ишмердигинде баалоонун бирдиктүү принциптерин колдонушу керек

- Маанилүүлүк- окуучулардын окууда жана окуу көндүмдөрүнө ийгиликтерин баалоого басым жасайт

- Шайкештик- билимди, билгичтиктерди, көндүмдөрдү, баалулуктарды баалоо окуту максаттарына жана жыйынтыктарына дал келиши керек

- Адилеттүүлүк- баалоонун критерийлери тандалып окуучуларга жарыяланышы керек.

- Интеграциялашкан- баалоо окууту процесинин курамы катары жүргүзүлөт.

- Ачык айкындык-Баалоо критерийлери жана стратегиясы окуучуларга алдын ала

билдирилет жана баалоо критерийлерин окуучулар менен бирге иштеп чыгуусу керек.

**Башталгыч класстын окуу көндүмдөрүн баалоодо негизинен 3 ыкма колдонулат.**

**1. Диогностикалык баалоо**- сабактын, бөлүмдү башында окуучулардын

кампитенттүүлүктөрүн денгелин байкоо же аныкто болуп эсептелинет.Бул баалоону

мугалим ар кандай жол менен өткөрүп алса болот мисалы: кыскача тестер багыттоочу суроолор аркылуу жүргүзүлөт ж.б жолдор аркылуу.

**2. Калыптандыруучу баалоо**- бул баалоо окуу процессинде окууучунун окуу

көндүмдөрүнө жетишкендитерин байкоо жүргүзүү жана окуучулардын кабыл алуусун талдоо үчүн колдонулат. Бул учурда да баа коюлбайт. Баалоодо лидерлердин, бири бирин, өзүн-өзү мугалимдин шыктандыруу же стимул катарында баалоосу кирет.

**3. Жыйынтыктоочу ( суммативтик**) баалоону мугалим көпчүлүк учурда окуучулардын окуу көндүмдөрүнө карата баа коет. Адабий окуу жана кыргыз тили сабактарында баалоо:

**" 5"-** баа эгерде окуучу текстти толук түшүнүп,түшүнгөндөрүн толук кандуу айтып

берсе жана тексттеги сүйлөмдөрдөн мисал келтирип айтып беришсе:

**"4"-**баа эгерде окуучу текстти толук түшүнүп,түшүнгөндөрүн толук айтып берүүгө

аракеттенсе жана тексттен мисал келтирип айтып беришсе:

**"3"-**баа эгерде окуучу текстти түшүнүп,түшүнгөндөрүн айтып берүүгө аракеттенсе

**"5"-** баа грамматикалык тапшырмапары туура аткарылса, иш таза жазалып бирок

одоно эмес 1пунктуациялык же 1 грамматикалык ката жиберилсе:

**"4"-** баа таза жазылып граматикалык тапшырмаларды аткарууда 2 орфографиялык

жана 2 пунктуациялык ката жана кол жазмасына көңүл буруу:

**"3"-** баа иш негизинен таза жазылып одоно ондоолору бар , граматикалык

тапшырмалардан 2 орфографиялык,5 пунктациялык ката:

**"2"-** баа иш булганып аткарылып, ошого жараша граматикалык тапшырмалардан жана орфографиялык , пунктуациялык 8 ден ашык ката кетсе;

Эскертүү: айрым учурда, иш таза аткарылып одоно эмес бир нече ката кетирилсе,

аларды топтоштуруп , 3 катаны 1 ката катары эсептөөгө башталгыч класста жол берилет.

**Химия сабагынан окуучуларды баалоо критерийи**

1.Лабораториялык же практикалык сабактарды баалоонун чен өлчөмдөрү

